# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | СЕНТЯБРЬ **2018** | **№ 9 (82) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Көңүл чордонунда

Жергиликтүү демилге башкаруу саясатынын натыйжалуулугун өлчөйт. Социалдык чөйрөгө карата кызыгуунун өсүшү уланууда ........ 2

Жеңүүчүлөр ........ 6

### Жаштар өзгөрүүлөрдүн максаты жана күчү

Наримандык жаштар радикализмге жана экстремизге каршы ........ 8

Кара-Жээк сейил багынын жаңы деми. Жаштардын күчү менен ........ 9

Жыйындар залы – инсандык касиеттерди жана жамаатты өнүктүрүү үчүн шарттар ........ 11

Жаштардын ынтымагы ........ 13

Жамааттардын кайрымдуулугу – жаштардын камкордугу ........ 14

Жаштар жарык үчүн күрөштү. Жаштар жеңди ........ 16

### Аялдар жоопкерчиликтен коркушпайт

Кара-Шоро жайлоосундагы “Аруужан” бала бакчасы ........ 17

Ата-энелер, бала бакча, коом – келечекти бирге курабыз ........ 18

Элеттик аялдарды бизнеске тартуу ........ 20

Аялдар таштандыны жеңди ........ 22

### Жамааттарды бириктирүүнүн усулдары

“Айылды өнүктүрүү – 2017” конкурсу ........ 24

“Тотуя-Торгой” жергиликтүү өнүктүрүү фонду: эң оор көйгөйлөрдү өз күчүбүз менен чечебиз ........ 25

Үлгүлүү көчө ........ 27

### Маданият жана тарых – бабалардын байлыгы жана тукумдардын мурасы

Салттарды жана тарыхый мурасты сактап калуу ........ 28

Балдардын талантына жол ачалы ........ 30

### Көрктөндүрүү

Айылда балдардын паркы ........ 31

Таштанды төгүлчү жердин ордуна эс алуу паркы ........ 32

Балдар үчүн аянтча ........ 33

### Инфраструктура

Жаш үй-бүлөлөр үчүн таза суу ........ 36

Кол-Чаты айылынын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу ........ 37

Көпүрөнүн ремонту айылдар ортосундагы коопсуздукту жана байланышты күчөттү ........ 38

Көпүрө жайлоого жол ачты ........ 40

Жашоочулар жолдун ремонту үчүн акчаны республикалык бюджеттен табышты ........ 42



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Жергиликтүү демилге башкаруу саясатынын натыйжалуулугун өлчөйт. Социалдык чөйрөгө карата кызыгуунун өсүшү улануuda

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары

Өнүктүрүү саясат институту ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында жергиликтүү жамааттарда турмуш шарттарын жакшыртуу жана социалдык өнүгүү боюнча элдик демилгелер тууралуу маалыматты чогултуу жана жалпылаштыруу жаатындагы көп жылдан берки практикасын улантып келүүдө. Швейцария Өкмөтүнүн колдоосу менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунда мындай демилгелердин көзгө урунаарлык үлгүлөрүн баса белгилеп, аларга дем берүү мүмкүнчүлүгү бар. Бирок долбоордун ресурстары маалыматты чогултуп, талдагандан тышкары да тенденцияларга көз салып турууга жол берет. Бул тенденциялар Кыргыз Республикасынын коомунда жана башкаруу системасында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү чагылдыра алат. Топтолгон тажрыйба келечекке сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн өтө маанилүү болуп турат. Бул сунуштамаларды жергиликтүү демилгелердин авторлору да, алардын аткаруучулары – Кыргызстандын айылдарынын жана шаарларынын жигердүү жашоочулары да даярдай алат. Ошондой эле сунуштамаларды даярдоого бул демилгелерди колдогон ЖӨБ органдары да тартыла алат. Жер-жерлерден алынган маалыматтар элеттик муниципалитеттер бир нече жылдан бери Бишкек шаарында колдонулуп келаткан, эми Ош шаарында киргизиле баштаган аспаптарды колдонууга даяр деген тыянак чыгарууга негиз болууда. Мында ЖӨБ органдарынын гранттык программалары тууралуу сөз болуп жатат. Бул жерде тиричилик үчүн нормалдуу шарттарды түзүүгө, ири, чакан, өрөөн боюндагы, тоолуу, бай жана жакыр калктуу конуштарды өнүктүрүүгө байланышкан көйгөйлүү маселелерди чечүү максатында бириккен жарандарга жергиликтүү бюджеттен акча бөлүп берүү тажрыйбасы жөнүндө кеп болууда.

Жергиликтүү демилге бийликтин жана коомдун өнүгүүсүн, алардын ортосундагы өз ара мамилелердин өнүгүүсүн чагылдырган күзгү катары кызмат өтөп келатканын буга чейин да көп жолу айтканбыз. Жергиликтүү демилге – бул жергиликтүү жамаатардын муктаждыктарынын барометри. Дал ушул жергиликтүү демилге калктын өтө курч көйгөйлөрүн аныктап чыгат. Себеби өтө чукул арада чечилиши керек болгон маселеге гана убакытты, эмгекти сарптап, башка адамдарды ишин калтырып, ошол маселени чечүүгө киришүүгө үндөп, ынандыруу керек болот. Ар бир демилге – бул тигил же бул көйгөй өтө чукул чечим кабыл алууну талап кылганынын далили. Бул – көйгөйдү чечүүдө кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү ийгилик ЖӨБ органдарынан көз каранды болгонун тастыктаган мисал. Ар бир демилге – бул жамааттар басып өткөн жол. Ар бир демилгеде биринчи кадамды жашоочулар, кээде топтор жасайт. Бирок ар бир мисалдын ийгилиги күч-аракеттерди бириктирүүгө негизделген. Биринчи кадамды жамаат жасагандан кийин бул кыймылдын уландысы болуп, андан ары кеңейип кете бериши өтө маанилүү. Бул үчүн жолго эми гана чыгып жаткандар ошол жолду басып өткөндөрдүн ийгиликтерин билиши керек. Алар жергиликтүү өнүгүү максаттарына жетүүгө боло турганын жана бул максаттар реалдуу экенин билиши абзел. Көптөр чакан иштен баштап, конкреттүү демилгелерди ишке ашыргандан сырткары, өз жамааттарын пландагандан да көбүрөөк өнүктүрө алышканын унутпаш керек. Айрым адамдар “бала бакчанын тегерек четин тосмолоп эле коём” деп ишти баштап алып, жыл айланбай көпүрөнүн курулушун же чоң жолдун ремонтун кантип баштап жибергенин да сезбей калышат. Балдар аянтчасындагы таштандыны жыйнайм деп жүрүп, жергиликтүү сейил бактарды гүлдөтүп жибергендер да жок эмес.

Бирок ар бир демилгенин ийгилиги жана өнүгүүсү үчүн шарттар керек. Башкы шарт – ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын өз ара байланышы болушу абзел. Демилгечилер колдоо булактарына – жергиликтүү бюджетке жана ЖӨБ органдары башкарган башка ресурстарга жете алгыдай болушу керек.

### Жамааттарды эмнелер тынчсыздандырат?

Кырдаал менен таанышып, динамикага талдоо жүргүзүү үчүн демилгелердин бардык мисалдары

бир нече категорияга бөлүштүрүлдү. Бул категориялар жергиликтүү жамааттардын кызыгуусунун негизги чөйрөлөрүн чагылдырат. "Кызыгуу" деген сөздүн ордуна "тынчсыздануу" деген сөздү колдонсо болот. Себеби жергиликтүү жамааттар аларды чындап тынчсыздандырган көйгөйлөрдү чечүү демилгесин көтөрүп жүрүшөт.

**"Базалык инфраструктура" категориясы** өзүнө жамааттын жашоосу үчүн зарыл болгон курулуш, инфраструктура объекттерин калыбына келтирүү же оңдоо жаатындагы демилгелерди камтыйт. Бул категорияга ичүүчү суу, жолдор жана көпүрөлөр, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, муниципалдык транспорт, таштандыларды жыйноо жана чыгаруу боюнча долбоорлор кошулган. Башкача айтканда бул демилгелер жашоо, коопсуздук үчүн минималдуу шарттарды түзүүгө багытталган. Дал ушундай демилгелер көп жылдардан бери жер-жерлерде көтөрүлгөн демилгелердин басымдуу бөлүгүн түзүп келди. Жамааттын күчү менен чечилген ушундай көйгөйлөрдүн үлүшү 25-35% чекте кармалып турууда. Ошол эле маалда категориялардын ичинде айрым бир өзгөрүүлөр да болгонун белгилей кетүү зарыл.

**_1-таблица. "Базалык инфраструктура" категориясындагы өтүнмөлөрдүн темалары, жыл сайын берилген өтүнмөлөрдүн саны_**

| Категориялар | 2012 | 2013 | 2014 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ичүүчү суу** | 20 | 29 | 15 | 38 | 13 | 24 |
| **Жолдор жана көпүрөлөр** | 30 | 41 | 73 | 29 | 38 | 16 |
| **Көчөлөрдү жарыктандыруу** | 30 | 24 | 4 | 13 | 19 | 12 |
| **Катуу тиричилик калдыктарын (таштандыны) жыйноо жана чыгаруу** | 20 | 0 | 8 | 21 | 31 | 40 |
| **Өзгөчө кырдаалдарды болтурбоо** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 8 |
| **Муниципалдык транспорт** | 0 | 6 | 0 | 0 | 0 | 0 |

Айталы, 2018-жылы базалык инфраструктура чөйрөсүндө таштанды жыйноо артыкчылыктуу маселе болду. Демилгелердин 40% дал ушул таштанды маселеси түздү. Ошол эле маалда демилгелерде "баарын жадаткан таштандыны жыйноо үчүн бир жолку ашар түрүндө "тешикти жамап коюу" тажрыйбасы" гана сүрөттөлбөгөнүн, маселени чечүүнүн системага салынган ыкмалары колдонулуп, калк арасында түшүндүрүү жана тарбиялоо иштери кошо жүргүзүлүп жатканын белгилей кетиш керек.

**"Жергиликтүү экономикалык өнүгүү (мындан ары – ЖЭӨ) жана айыл чарбасы" категориясы** өзүнө жумуш орундарын түзүүгө жана негизинен агрардык бизнести өнүктүрүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Мындай демилгелер агрардык тармак экономиканын негизги реалдуу тармагы болуп саналган элеттик жамааттар үчүн мүнөздүү. Бул чөйрөдөгү демилгелердин үлүшү ушул жылы бир кыйла кыскара түштү. Айталы, 2012-жылга салыштырмалуу 16%, өткөн жылга салыштырмалуу 1% кыскарган.

**"Көрктөндүрүү" категориясы** өзүнө сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, аянтчаларды, айрым административдик имараттарды көрктөндүрүү демилгелеринин мисалдарын камтыйт. Бул объекттер инфраструктуранын элементтери болуп эсептелсе да, жашап кетүү үчүн милдеттүү болгон мүнөзгө ээ эмес. Мындай демилгелердин үлүшү салттуу болуп калгандай көп деле эмес. 2018-жылы бул багыттагы демилгелер 4% түздү. Эң жогорку көрсөткүч 2016-жылы болуп, 13% бир аз көбүрөөк болгон эле.

**"Социалдык чөйрө" категориясы** өзүнө социалдык жана материалдык эмес көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Бул көйгөйлөр жашап кетүү үчүн зарыл деп саналгандардын катарына кирбейт, бирок жергиликтүү жамааттардын социалдык өнүгүүсү маанилүү экенин, кара нан менен эле жашай берүүгө болбойт дегенди тастыктап турат. Бул категорияга жергиликтүү жамааттар маданиятты жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, мектепке чейинки жана мектепте билим берүү үчүн шарттарды жакшыртуу боюнча демилгелерди көтөрүп чыкканы тууралуу окуялар кирди. Жалпысынан бул категориядагы демилгелердин саны 2014-жылдан бери бардык демилгелердин басымдуу бөлүгүн түзүп келатат: 2014-жылы 54,1% болсо, 2018-жылы 56% жетти. Долбоор уюштурган конкурстун алкагында бул чөйрөдөгү демилгелердин туу чокусу 2017-жылга туура келип, ошол жылы 64% түзгөн. Ошол эле маалда категориянын ичиндеги демилгелердин басымдуу бөлүгүн мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттарды түзүү маселеси түзөт. Экинчи орунда мектепте билим берүү үчүн шарттар турат.

2018-жылы жасалган анализдин жыйынтыктары 1-диаграммада жана 1-2-таблицаларда берилди. Ошол жыйынтыктарга ылайык, акыркы жылдары (2013-2018-ж.ж.) жарандарда социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө болгон кызыгуусу күчөгөн тенденция туруктуу сакталып келатат деген тыянакты чыгарса болот. Дагы бир жолу кайталайбыз – Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттары эптеп жашап кетүү баскычынан өнүгүү баскычына өттү жана бул биринчи кезекте жарандардын өздөрүнүн күч аракети менен ишке ашууда.

**Жергиликтүү демилге бийликтин жана коомдун өнүгүүсүн, алардын ортосундагы өз ара мамилелердин өнүгүүсүн чагылдырган күзгү катары кызмат өтөп келген. Жергиликтүү демилге – бул жергиликтүү жамаатардын муктаждыктарынын барометри.**

## Жергиликтүү демилгени каржылоо булактары: жамааттар алдыда

Жамааттар чечкиндүү түрдө келечекке инвестиция жасай баштады. Инвестицияны жергиликтүү деңгээлде өнүгүү процессинин түрдүү катышуучулары жасап жатышат (2-диаграмманы караңыз). 2018-жылы жамаат өзү жергиликтүү демилгелерди каржылоонун негизги булагы болуп берди. Жамааттын акчалай же эмгек салымы 45% түздү. Мааниси жагынан экинчи булак – жергиликтүү бюджет, ал 24% түздү. Дал ушул эки булак жергиликтүү жамааттардын көйгөйлөрүн чечүүдө негизги болуп жатканы логикалуу көрүнүш. Себеби жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун катышуусу менен гана жергиликтүү демилгени ишке ашырууга болот. 2018-жылы жергиликтүү демилгелерди бизнес тарап колдогон учурлар көбөйгөнүн белгилей кетүү зарыл. Тескерисинче, донорлордун каржылоосу кыскарды.

Демилгелерди колдоого эмгек мигранттары жигердүү катышып жатканын да белгилей кетүү зарыл. Мигранттардын акчасы кичи Мекенине кайтарылып, инфраструктурага жумшалып жаткан учурлар көбөйүүдө. Бул да келечекке жасалган инвестиция болуп саналат. Бул – мигранттар Кыргызстандын келечегин ойлоп жатканынын далили.

## Донорлордун акчасын эркектерге караганда аялдар ийгиликтүү тартууда, бирок бизнес чөйрөсү эркектердин идеяларын көбүрөөк колдоого алып жатат

Акыркы үч жыл ичинде өткөрүлгөн конкурстардын статистикасындагы гендердик сереп көрсөткөндөй, демилгелерди аялдар да, эркектер да көтөрүп келатат. Бирок соңку эки жылда автору аял болгон демилгелер 5% өстү (2016-жылы – 46%, 2017 – 55%, 2018 – 51%). Аялдар көтөргөн демилгелерди каржылоонун негизги булагы болуп жергиликтүү бюджет кала берүүдө (21%). Жергиликтүү деңгээлде аялдардын демилгелерин каржылоодо жергиликтүү бюджеттин катышуу үлүшү аз да болсо көбөйдү. Маалыматтарга ылайык, тышкы булактарды издөөдө аялдар көбүрөөк ийгиликке жетип жатат. Алардын демилгелерин донорлор, өнүктүрүү программалары жана долбоорлору колдоого алууда. Ал эми жергиликтүү бизнес чөйрөсү аялдардын демилгелерине эки эсе азыраак колдоо көрсөтүүдө (3-таблицаны караңыз).


## Жергиликтүү демилге – ачык-айкындуулуктун далили

Эмне үчүн “Жергиликтүү демилге” конкурсунун тажрыйбасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жамаат алдында отчеттуулугу бар болгонун тастыктап турат?

***2-таблица. Жергиликтүү демилгелердин мисалдарынын тематикалык багыттары, жылына түшкөн өтүнмөлөрдүн саны***

| Тематикалык багыттар | 2012 | 2013 | 2014 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Базалык инфраструктура, анын ичинде:** | **10** | **17** | **26** | **24** | **16** | **25** |
| ичүүчү суу | 2 | 5 | 4 | 9 | 2 | 6 |
| жолдор жана көпүрөлөр | 3 | 7 | 19 | 7 | 6 | 4 |
| көчөлөрдү жарыктандыруу | 3 | 4 | 1 | 3 | 3 | 3 |
| катуу тиричилик калдыктарын (таштандыны) жыйноо жана чыгаруу | 2 | | 2 | 5 | 5 | 10 |
| өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу | | | | | | 2 |
| муниципалдык транспорт | | 1 | | | | |
| **Жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана айыл чарбасы, анын ичинде:** | **7** | **10** | **5** | **3** | **5** | **5** |
| жайыттар | 1 | | | | | |
| сугат суу | | 3 | 3 | 3 | 2 | |
| ЖЭӨ, жумуштуулук | 6 | 7 | 2 | | 3 | 5 |
| **Көркөндүрүү, анын ичинде:** | **0** | **0** | **3** | **11** | **2** | 3 |
| сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, аялдамаларды, административдик имараттарды, балдар аянтчаларын көркөндүрүү | | | 3 | 11 | 2 | 3 |
| **Социалдык чөйрө, анын ичинде:** | **14** | **19** | **40** | **45** | **41** | **42** |
| майыптуулугу бар адамдар жана карылар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 3 | 3 | 7 | 6 | 2 | 2 |
| маданият, тарыхый-маданий мурас | | 1 | 2 | | 2 | 6 |
| спорт | 1 | 2 | 4 | 10 | 2 | 7 |
| мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар | 3 | 7 | 13 | 9 | 17 | 10 |
| мектепте билим берүү үчүн шарттар | | | 6 | 8 | 6 | 4 |
| укук тартиби | | | | 2 | | 2 |
| жаштардын бош убактысын өткөрүү үчүн шарттар | | 1 | | 2 | 5 | 2 |
| китепканалар | 1 | 1 | | | 1 | 2 |
| ден соолукту чыңдоо үчүн шарттар | 1 | 2 | 4 | | 2 | |
| жарандык катышуу жана маалымат алмашуу | 5 | 2 | 4 | 8 | 4 | 7 |
| **Жылдар боюнча өтүнмөлөрдүн баары:** | **31** | **46** | **74** | **83** | **64** | **75** |
| **Алты жыл ичинде өтүнмөлөрдүн жалпы саны:** | | | | | | **373** |

***1-диаграмма. Жергиликтүү демилгелердин тематикалык структурасындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасы, жылына өтүнмөлөрдүн жалпы санына карата пайыздар менен***





Конкурска Кыргыз Республикасынын бардык региондорунан жергиликтүү жамааттар катышты. Дээрлик бардык жерде жамааттардын жергиликтүү демилгелери жергиликтүү бюджеттен кош-каржылоого ээ болду. Себеби жамааттардын демилгелери жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган. Ал эми бул маселелер үчүн акыр аягында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жооптуу болушат. ЖӨБ органдары жарандар өзгөчө маанилүү деп эсептеген маселелердин үстүнөн иштөө укугун таанышат. Муну менен ЖӨБ органдары жарандар алдында өзүнүн жоопкерчилигин да сезип турушат.

Бирок бүгүнкү күндө демилгелерди жергиликтүү бюджеттен кош-каржылоого байланышкан кырдаал туруктуу мүнөзгө ээ эмес, ал жамаат айткан идеяларга ЖӨБ органдарынын реакциясы катары гана пайда болууда. Негизи мындай болбошу керек. Адегенде ЖӨБ органы демилгенин пайда болуусуна өзү дем берип, мыкты жана маанилүү идеяларды колдоого даярдыгын биринчи болуп көрсөтө тургандай шарттар түзүлүшү керек эле. Бул үчүн муниципалдык башкаруу практикасына жергиликтүү демилгелерди жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоонун механизмдерин киргизиши керек. Мындай практика Бишкекте жана Ошто колдонула баштады. Ошону менен бирге ЖӨБ органы кош-каржылоо алуу мүмкүнчүлүгү бар экенин жамаатка кеңири маалымдап, бул каржылоого жергиликтүү жамааттын бардык өкүлдөрү тең укуктуу болгондой шарттарды түзүп бериши керек. Мындай учурда жергиликтүү демилгенин практикасы андан ары жайылып, туруктуу мүнөзгө ээ болуп, жарандардын улам жаңы бир тобу жамааттагы жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча идеяларды көтөрүп чыгып, аларды ишке ашыра баштайт. Ошону менен бирге демилгелүү топтор мурдагыдан да туруктуу болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Алар жергиликтүү өнүгүүнүн туруктуу жана жигердүү катышуучуларына айланышат. Демилгелүү топтордун туруктуулугунун өсүшүнө өбөлгөлөр пайда боло баштады десек жаңылышпайбыз. Жамааттар жарандык жетилгендигин көрсөтө баштады: 2018-жылы бир караганда бир жолкудай көрүнгөн демилгелер андан ары көйгөйдү системалуу түрдө чече баштаганын баяндаган окуялар көп болду. Ошондой эле маселени ийгиликтүү чечип алгандан кийин бул тажрыйба кошуна айылдарды таштанды жыйноого, жол оңдоого, көчөлөргө жарык берүүгө шыктандырган учурлар да абдан көп. Айрым муниципалитеттерде демилгелүү топтор институционалдык жактан өсүп-жетилип, коомдук бирикмелерге айланды. Башка бир муниципалитеттерде коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу демилгелерге туруктуулук мүнөзүн берди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү демилгелерди системага салып, туруктуу кылышы керек. Жогоруда айтылгандай, биринчи кадам – демилгелерди жергиликтүү бюджеттен кош-каржылоо механизмин формалдаштыруу. ЖӨБ органдары бул процессте өзүнүн ролун баамдай баштаганынын

***2-диаграмма. Демилгелерди каржылоонун булактары, пайыздар менен***



***3-таблица. Демилгечинин жынысынын алкагында жергиликтүү демилгени каржылоонун булактары, өтүнмөлөрдүн жалпы санына карата пайыздар менен***

| Демилгелерди каржылоонун булактары/демилгелердин авторлору | 2016 | 2016 | 2017 | 2017 | 2018 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Демилгени ким көтөрдү: аялбы же эркекпи? | | | | | |
| | А | Э | А | Э | А | Э |
| Жергиликтүү бюджет | 13 | 18 | 20 | 21 | 21 | 27 |
| Донорлор/долбоорлор | 29 | 22 | 31 | 17 | 29 | 5 |
| Жергиликтүү бизнес | 5 | 16 | 6 | 3 | 5 | 22 |
| Калктын салмы (акча каражаттары жана эмгек салымы) | 45 | 36 | 40 | 52 | 42 | 49 |
| Жарандык коом уюмдарынын салымы, мамбюджет ж.б. | 8 | 9 | 3 | 7 | 3 | |

алгачкы белгилери 2018-жылы пайда болгонун белгилей кетүү зарыл. Бул жаатта Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ак-Муз айылдык аймагынын мисалы үлгү болуп берет. Бул аймакта жергиликтүү кеңеш айыл өкмөтү үчүн натыйжалуулуктун индикаторлорун белгилеп гана бербестен, ошону менен бирге "Айылды өнүктүрүү" конкурсун жайылтуу демилгесин да көтөрдү. Мында жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуунун жогорку деңгээлин көрсөткөн көчө каржылоого ээ боло турганы байге катары аныкталган. Ыкманы системага салганы үчүн бул демилгени Өнүктүрүү саясат институту конкурстун байге фондунан тышкаркы атайын байге менен белгиледи. Жергиликтүү демилгени туруктуу колдоонун үлгүсү кандай болоорун көрсөтүү максатында Институттун башкаруусу атайын байге катары өз эсебинен 15 миң сомду Ак-Муз айылдык аймагына берүүнү чечти.

Жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан жергиликтүү демилгеге колдоо көрсөтүүнү системалаштыруу методикасын ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери иштеп чыгышкан. Бул методика талкуулоо үчүн "Жергиликтүү демилге" форумунун катышуучуларына берилет. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору бардык кызыкдар адамдарды 2018-жылдын 30-декабрына чейин бул сунуштар менен таанышып чыгууга жана өзүнүн да сунуштарын берүүгө чакырат. Документтин долбоору менен сайттан таанышсаңыз болот (ИПР и ВАП – надо разместить). Сунуштарды Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВго жибере аласыз. Адистин электрондук дареги: amamytov@dpi.kg

# Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында "Жергиликтүү демилге" конкурсунун жеңүүчүлөрүн тандап алуу боюнча

# КОНКУРСТУК КОМИССИЯНЫН ЧЕЧИМИ

**Бишкек ш., 2018-жылдын 15-октябры**

## Конкурстук комиссиянын курамы:

- В. А. ИСАЛИЕВА, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын Уюштуруу иштери, ЖӨБ органдарына усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү Башкармалыгынын башкы адиси;
- Р. М. ГАЙБУЛИНА, "Ачык-айкын бюджет үчүн" Альянсынын директору;
- А. М. МУСАЕВА, Долбоордун өкүлү;
- А. К. ИСМАИЛОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү;

Конкурстук комиссия пилоттук региондордун укугу бар катышуучуларынан түшкөн 75 өтүнмөнүн ар бирин жекече карап жана баалап чыгып, төмөнкүдөй

## ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:

**Төмөнкү өтүнмөлөр "Жергиликтүү демилге" конкурсунун жеңүүчүлөрү деп таанылсын:**

- **1-орун** – "Башаламан ыргытылган таштанды жеринде эс алуу үчүн сейил бак", өтүнмөнүн ээси – К. ЖУНУСОВА, Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак ААнын

жергиликтүү жамаатынын лидери – 150 000 сом өлчөмүндө байге берилсин.

- **2-орун** – "Жашоочуларды ичүүчү суу менен камсыз кылуу", өтүнмөнүн ээси – А. ТОКТОСУНОВА, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, Ош облусунун Алай районундагы Бүлөлү АА – 100 000 сом өлчөмүндө байге берилсин.
- **3-орун** – "Балдар үчүн парк", өтүнмөнүн ээси – К. БЕЙШЕНКУЛОВ, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Жаңы-Талап АА – 50 000 сом өлчөмүндө байге берилсин.
- **3-орун** – "Үй-бүлө, мектеп жана коом", өтүнмөнүн ээси Р. ЮЛДАШЕВА, орто мектептин мугалими, Ош облусунун Кара-Суу районундагы Шарк АА – 50 000 сом өлчөмүндө байге берилсин.

**Төмөнкү жергиликтүү демилгелерди белгилеп, 13 өтүнмөгө 25 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байгелер берилсин:**

- "Таза суу – жашоо булагы", өтүнмөнүн ээси – К. НАСЫБАЛЫ уулу, АӨ башчысы, Байзак АА, Нарын облусунун Жумгал району;
- "Балдар үчүн аянтча", өтүнмөнүн ээси – Г. ИСАЕВА, жергиликтүү жамааттын лидери, Казан-Куйган АА, Нарын облусунун Нарын району;
- "Мыкты көчө", өтүнмөнүн ээси – Б. КОНУРБАЕВ, АӨ адиси, Ылай-Талаа АА, Ош облусунун Кара-Кулжа району;
- "Көпүрөнүн курулушу", өтүнмөнүн ээлери – Ч. ЖУСУПОВА, бала бакчанын директору; ИСАКОВ О., айылдык кеңештин депутаты, Көк-Жар АА, Ош облусунун Ноокат району;
- "Айылдын борбордук көчөлөрүн жарыктандыруу", өтүнмөнүн ээси – Б. ӨМҮРКУЛОВ, жергиликтүү жамааттын лидери, Ат-Башы АА, Нарын облусунун Ат-Башы району;
- "Жаштардын лидердик сапаттары", өтүнмөнүн ээлери – М. АКЖОЛОВА, Т. МАЛИКОВ, АӨ адистери, Жазы АА, Ош облусунун Өзгөн району;
- "Сейил багын жаштар үчүн эс алуу жайына айландыралы", өтүнмөнүн ээси – Ж. АБДРАИМОВ, жергиликтүү жамааттын лидери, Чаек АА, Нарын облусунун Жумгал району;
- "Көпүрөнүн курулушу", өтүнмөнүн ээси – М. КАБЫЛБЕК уулу, жаштардын лидери, Ак-Тал АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
- "Жаштар радикализмге жана экстремизмге каршы", өтүнмөнүн ээси – Ш. АТАХАНОВ, окутуучу, Нариман АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
- "Тарыхты окуп, өткөн чакты биле жүрөлү", өтүнмөнүн ээси – Т. БОСТОНБАЕВА, бала бакчанын директору, Кызыл-Суу АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
- "Айылды өнүктүрүү фонду калктын социалдык жактан аярлуу катмарына жардам берүүдө", өтүнмөнүн ээси – Н. АКМАТАЛИЕВ, фонддун жетекчиси, Куршаб АА, Ош облусунун Өзгөн району;
- "Балдар, ата-энелер жана жамаат – келечекти бирге курабыз", өтүнмөнүн ээси – У. ИСАКОВА, бала бакчанын директору, Чоң-Алай АА, Ош облусунун Чоң-Алай району;
- "Жолдордун ремонту", өтүнмөнүн ээси – Э. БАЙМАТОВА, мугалим, Баш-Кайыңды АА, Нарын облусунун Ат-Башы району.

**Төмөнкү жергиликтүү демилгелерди белгилеп, 6 өтүнмөгө 12 500 сом көлөмүндө шыктандыруучусооротуучу байгелер берилсин:**

- "Жайлоодогу бала бакча", өтүнмөнүн ээси – А. АБДУКАРИМОВА, бала бакчанын директору, Ак-Жар АА, Ош облусунун Өзгөн району;
- "Элдик чыгармачылыкты өнүктүрүү", өтүнмөнүн ээси – А. ТИЛЕКМАТОВА, клубдун башчысы, Учкун АА, Нарын облусунун Нарын району;
- "Тазалык – маданияттуу коомдун белгиси", өтүнмөнүн ээси – М. ИЛЬГЕЛДИЕВА, мугалим, Мангыт АА, Ош облусунун Араван району;
- "Айылдын өнүгүүсү – өлкөнүн өнүгүүсү", өтүнмөнүн ээлери – С. АРПАЧИЕВА, Э. КАСЫМБЕКОВА, АӨ адистери, Он-Арча АА, Нарын облусунун Нарын району;
- "Айылды өнүктүрүү" конкурсу, өтүнмөнүн ээси – А. ОМУРОВ, АӨнүн жооптуу катчысы, Ак-Муз АА, Нарын облусунун Ат-Башы району;
- "Аялдарды бизнес жасоого тартуу", өтүнмөнүн ээси – У. ГОИПОВА, жергиликтүү жамааттын лидери, Гүлистан АА, Ош облусунун Ноокат району.

Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору (мындан ары – Долбоор) ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде конкурстун жыйынтыктарын Долбоордун сайтына жана "Муниципалитет" журналына жарыяласын.

Долбоорго жеңүүчүлөрдү жазуу түрүндө кабардар кылуу жана байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү тапшырмасы берилсин.

Долбоорго ушул конкурстун шарттарына ылайык байгенин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу тапшырмасы берилсин.

**Комиссия мүчөлөрүнүн кол тамгалары:**
**Комиссиянын төрайымы А. Мусаева**
**Комиссиянын мүчөлөрү:**
**В. А. Исалиева, Р. М. Гайбулина,**
**А. К. Исмаилов**

# Наримандык жаштар радикализмге жана экстремизге каршы

**Ош облусунун Кара-Суу районундагы Нариман айылдык аймагы**
**Шавкат АТАХАНОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **15** |
| **Калктын саны** | **45364** |
| **Жылдык бюджети** | **54000 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Нариман айылдык аймагында 45 миңден ашуун адам жашайт. Калктын 70% өзбектер, 20% кыргыздар жана 1% башка улуттун өкүлдөрү түзөт. 2010-жылдагы окуялар маалында аймактагы айрым айылдар жаңжалдын чордонуна айланган. Коогалаңда көптөгөн үйлөр өрттөлүп, айрым жашоочулар жараат алган же набыт болгон. Ошол окуялардан кийин аймактагы социалдык-экономикалык абал кескин начарлап, жумушсуздардын саны өскөн. Мына ушундай шарттарда диний радикализм күч алганы байкалган. Террордук уюмдардын идеологиялык таасири алдында калган адамдар "Ислам мамлекети" террордук уюмунун катарына кошулду.

Айылдык аймактын башчыларынын маалыматы боюнча, Наримандан бир топ адам Сирияга жана Иракка кетип калышкан. Согуш оту күйүп жаткан аймактарга кеткендердин жакындарын жергиликтүүлөр жакшы таанышат, алар радикализм тамыр жайып кетишин каалашпайт. Дал ошол себептен айылдыктар радикализм деген балээге өз күчү менен каршы турууну чечишти. Бул үчүн калк арасында радикализмди жана экстремизмди алдын алууга багытталган өз долбоорун даярдап чыгышты. Демилгелүү топ беш адамдан турду. Алар: т.и.к., доцент Ш. АТАХАНОВ, маданият үйүнүн директору Л. НИШАНОВА, айылдык аймактын башчысынын орун басары Н. ХАСИЛОВ, жергиликтүү кеңештин депутаттары И. УРИНОВ жана А. НУЪМАНОВ.

## Эмнелер жасалды?

1200 адам катышкан долбоорго жергиликтүү тургундарга түшүнүктүү жана кабыл алууга жеңил болгон иш-чаралар кирди. Бул иш-чаралар адамдардын башын бириктирип, айылдык аймактын жана өлкөнүн келечеги үчүн жаштар радикализминин коркунучтуу кесепеттерин көрсөтүп берүү максатында уюштурулду. Адегенде 12 команданын арасында футбол боюнча мелдештер өттү. Бул командалардын курамына Наримандагы айылдарда жашаган түрдүү улуттардын өкүлдөрү кирди. Мелдештер 2017-жылдын июль айында эс алуу күндөрү өткөрүлдү. Бул иш-чараны айылдык кеңештин депутаттары И.ТУРСУНОВ жана А.НУЪМАНОВ демилгелешти.

Мелдештерди өткөрүүгө "Жарандык союз" коомдук бирикмеси 42 000 сом бөлдү. Айылдык аймактын башчысы үстү жабык футбол аянтчасынын ижара акысы үчүн өз чөнтөгүнөн 10 000 сом, калыстын кызмат көрсөтүүсү үчүн 12 000 сом, ЖМКнын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн 8 000 сом бөлсө, маданият үйүнүн директору үн күчөткүчтөрдүн ижарасы үчүн 5000 сом төлөдү. "Ошэлектронун" башкы директору Д.ДАМИНОВ өз чөнтөгүнөн мелдештин жеңүүчүлөрүнө 11 000 сом көлөмүндө акчалай байге берди.

Алдын ала макулдашуу боюнча, мелдештердин коопсуздугун ИИБдин кызматкерлери камсыздашты. Футболдук турнирдин бардык турларына катышкандардын жана күйөрмандардын саны 550 болду. Алардын ичинде 86 кыргыз, 356 өзбек, башка улуттардын 108 өкүлү болду. Ошону менен бирге катышуучулардын 80 пайызын жаш муундун өкүлдөрү түздү.

Кыргыз улуттук ырларын мыкты аткарууга жарыяланган кароо сынак долбоордун кийинки кадамы болуп калды. Бул сынак сегиз улуттун өкүлдөрүнүн арасында жарыяланган. Маданият үйүнүн директору Л.НИШАНОВА аталган иш-чаранын демилгечиси болду. Сынакка өзбектер, тажиктер, уйгурлар жана түрктөр катышты.

Кароо сынакты өткөрүүгө "Жарандык союз" коомдук бирикмеси 28 000 сом бөлүп берген. Сынакка айылдык аймактын башчысы, айылдык кеңештин төрагасы, жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле көрүүчүлөр жана күйөрмандар катышты. Маданият үйүнүн директору үн аппаратынын ижарасы үчүн 5000 сом берсе, айылдык аймактын башчысы ОшТВ телеканалынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн 3000 сом, конкурстун калыстар тобуна 5000 сом жана иш-чаранын алып баруучусуна 6000 сом берди. Бул кароо сынакка катышкандардын жана көрүүчүлөрдүн жалпы саны 230 болду, анын ичинде 180 аял бар. 200дөн ашыгы жаштар болду.

Бирок эмоционалдык жактан таасирдүү негизги иш-чара – "Наримандык жаштар радикализмге жана экстремизмге каршы" урааны алдында өткөн жөө жүрүш болду. Бул иш-чараны өткөрүү демилгесин Нурдар айылынын тургуну Ш. АТАХАНОВ көтөрүп чыкты. Бул иш-чарага үч айылдагы мектептердин жогорку класстарынын окуучулары катышты. Алар үч колоннага тизилип алып, айылдын

көчөлөрүн кыдырып чыгышты. Жөө жүрүштүн катышуучулары колдоруна радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы ураандар жазылган плакаттарды көтөрүп алышты.

Бул жөө жүрүштү уюштурууга "Жарандык союз" коомдук бирикмеси 23 000 сом бөлдү. Иш-чарага 250 адам катышып, алардын ичинен 180и аялдар, 200ү жаш муундун өкүлдөрү болду.

Жөө жүрүштүн соңунда катышуучулар – мектептердин директорлору, мугалимдер, мечит имамдары, айыл башчылары, айылдык кеңештердин депутаттары, Кара-Суу раймамадминистрациясынын башчысынын биринчи орун басары, Кара-Суу районунун имам хатиби, Кара-Суу РИИБдин жана Ош ОИИБдин кызматкерлери, УКМКнын Кара-Суу району боюнча кызматкерлери, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Ош облустук казыятынын өкүлү, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын өкүлү, Сирияда жана Иракта согушка катышкандар, бул согушта набыт болгондордун үй-бүлөлөрү жана ата-энелери "Радикализм жана экстремизм азгырыгынын өкүнүчтүү кесепеттери" деген темада тегерек стол талкуусун өткөрүштү. Талкуунун жүрүшүндө согуш талаасында болуп, эл аралык террордук уюмдардын катарында жүргөндөр башынан өткөргөн азаптары тууралуу айтып беришти. Ошол согушта кайтыш болгондордун ата-энелери да сөз сүйлөп, арманы менен бөлүштү. Алардын эмоционалдуу сөздөрү катышуучуларга өтө чоң таасир тийгизди. Баары сөз сүйлөп бүткөн соң УКМКнын кызматкерлери террордук уюмдарга азгырылгандардын аянычтуу тагдырлары тууралуу даректүү тасманы көрсөтүштү.

Иш-чарага жумшалган 50 000 сом чыгымды "Жарандык союз" коомдук бирикмеси көтөрдү. Тегерек столго 400гө жакын адам катышты, анын ичинде 194 аял, жаш муундун 321 өкүлү болду.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Көп улуттуу айылдык аймактын жашоочулары радикализм, экстремизм жана терроризмдин кандай өкүнүчтүү кесепеттери болоорун баамдай алышканы өткөрүлгөн иш-чаралардын негизги жетишкендиги болду. Ушул өнөктүктөн кийин жергиликтүү тургундардын ичинен экстремисттик жана террордук уюмдарга кошулган бир да адам болгон жок. Мурда айылдык аймактын башчысы, айыл башчылары, мечиттердин имамдары радикализм, экстремизм жана терроризм тууралуу өз пикирин ачык айтуудан карманып келишсе, эми бул көрүнүшкө карата терс пикирин элге ачык айта башташты.

Демилге аркылуу айылдык аймактын калкынын калың катмары заманыбыздын балээсине айланган бул көрүнүш менен жакындан тааныша алышты. Демилгени айыл аймактын башчылары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл старосталары жана мектептердин директорлору колдоп беришти. Сирия жана Иракта согушка катышкандардын, согуш талаасында кайтыш болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана ата-энелеринин сөздөрү баарынын жүрөгүндө терең из калтырды.

Иш-чара жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Интернетте кеңири чагылдырылды – ОшТВ, Youtube, "Турмуш.кг", "Фейсбук", "Азаттык" сайттарына видеолор жана жаңылыктар чыкты.

# Кара-Жээк сейил багынын жаңы деми. Жаштардын күчү менен

**Нарын облусунун Жумгал районундагы Чаек айылдык аймагы**
**Жеңишбек АБДРАИМОВ**



| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **3** |
| **Калктын саны** | **11966** |
| **Жылдык бюджети** | **18749,6 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Чаек айылдык аймагында 12 миңге жакын адам жашайт. Айыл аймагында жашоочулардын эс алуусу үчүн эки сейил бак бар: Ш.Исабеков атындагы борбордук парк жана Кара-Жээк участогундагы парк. Бирок эс алуу үчүн орун жетишсиз. Өзгөчө жай жана кыш мезгилдеринде наристелер жана окуучулар үчүн эс алууга, оюн ойноого ыңгайлуу болгон жер жок. Борбордук сейил бакта гана кышкысын балдар үчүн муз аянтчасы бар. Анын

аянтынын көлөмү чакан болгондуктан эл көп келген маалда балдар батпай, кезек күтүп калышат.

Бүгүнкү күндө эки сейил бактын абалы канааттандырарлык эмес. Кара-Жээк участогунда жайгашкан парктын жанынан күнүгө миңдеген адамдар өтөт. Парктын аймагы тосмолонбогондуктан мал жайылып, айрым жерлер таштанды төгүүчү жайга айланган.

## Эмнелер жасалды?

Кара-Жээк участогундагы жаштар биригип, 15 адамдан турган демилгелүү топ түзүштү. Демилгелүү топтун лидери болуп Жеңишбек АБДРАИМОВ шайланган. "Айылды көрктөндүрүүгө өз салымыбызды кошуп, жергиликтүү бийликке жардам берип, жаштарды ынтымакка чакыруу максатында жаш активисттер иш-аракеттер планын түзүп, аны ишке ашыра баштады. Алгачкы демилгелердин бири сейил бакты көрктөндүрүү болду. Бул пакта бала кезибизде бош убактыбызды өткөрчүбүз. Бирок акыркы 27 жылдан бери сейил бактын таш талканы чыкты: бак-дарактар кыйылып, уурдалып, тонолду. Биз сейил бак машине менен кирип барып эле арак ичип алып, андан ары басып кетчү жерге айланып кетүүсүн каалаган жокпуз", – деди ал.

Кара-Жээк айылынын тургундары аянты 4 гектар болгон сейил бакта ишембилик өткөрүүнү сунушташты. Эки күндүн ичинде сейил бактын тегерек-чети тазаланып, ал жерден 10 тонна таштанды чыгарылды.

Парктын аймагын көрктөндүрүү үчүн демилгелүү топ карызга жылкы[1] алып, аны базарда сатып, түшкөн акчага сейил бактын аймагын тосмолоп чыгуу үчүн зарыл болгондун баарын сатып алды (темир тор, темир казыктар, тикенек зымдар). Сейил бакка отургузуу үчүн көчөттөрдү Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылынан алып келишти.

Элеттеги жаштар, жеке ишкерлер, мекенинен алыста жүргөн айылдыктар да четте карап турушкан жок. Ар бири колунан келишинче жардам берди. Бул демилгени ишке ашыруу үчүн жалпысынан 197 556 сом сарпталды. Долбоорду ишке ашыруу үчүн донорлордун каражаты тартылган жок.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу долбоордун институционалдык тарабын колдоого алып, сейил бактын аймагында чогулган таштандыны чыгаруу үчүн техника менен жардам берди. Демилгени колдогон жергиликтүү элдин жардамы менен 4 гектар жер тосулуп, парктын ичине алманын, өрүктүн жана башка мөмөлүү дарактардын 350 көчөтү отургузулду. Эки адам өз демилгеси менен паркка кароолчу болууга макулдугун беришти.

Аксакалдар жакшы иш баштап жаткан жаштарга батасын берип, кеп-кеңешин айтышты.

[1] Жаш активисттер зарыл болгон материалдарды өз алдынча сатып алуу үчүн жылкыны карызга сурашкан. Карызды күзүндө өз малынын эсебинен кайтарып беришмекчи.



Жеңишбек АБДРАИМОВ: "Чырпык тиксең чынар болот, мөмөсүнө эл тоёт" деген жакшы сөз бар. Бала бакчага жана мектепке барган балдарыбыз ушул жерде ойноп, экологиялык таза мөмө-жемиштерди жеп чоңойсун дедик. Мындан сырткары мөмө-жемиштер элдин аярлуу катмарына жеткиликтүү баада берилип турат. Жергиликтүү жаштарда мындай демилгелер көп, алардын бири – күүлөнчөктөр, селкинчектер жана балдардын эс алуусу үчүн зарыл болгон башка оюн аянтчалары бар парк. Келечекте Кара-Жээк сейил багы Чаек айылынын ажарын ачып, райондук борборду көрктөндүрөт деп ишенебиз".

Ушул тапта "Кара-Жээк – Чаек" жамааты өз каражатынын эсебинен Кара-Жээк жана Беш-Терек айылдарын бириктирген жолду оңдоп жатышат. Бул демилге да ийгиликтүү турмушка ашат деген ишеним күч.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Жергиликтүү калк өз көйгөйлөрүн чечүү үчүн бириге алганы бул демилгенин башкы жыйынтыгы болду. Жаштарда, алардын арты менен жергиликтүү жашоочуларда да өз күчүнө ишеним пайда болду. 27 жыл бою талап-тоноолорго күбө болгон карапайым калк алакан жайып жардам суроодон чарчады, өз тегерегиндеги зулумдуктан жана мыйзамсыздыктан тажап, тагдырын колго алууну чечти. Мындан тышкары адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен конструктивдүү мамилелерди түзсө болооруна жана муну жасаш керектигине ынанды. Ал эми ЖӨБ органдары өз тарабынан жарандарда чоң жаратмандык ресурсту көрө алды жана эми жамаат менен биргелешкен чоң иштерди пландай баштады.

Демилгенин уландысы болду – жашоону жакшы жагына өзгөртүүгө жөндөмдүү болгонун сезген жаш активисттер демилгелүү топту "Кара-Жээк – Чаек" коомдук бирикмеси түрүндө каттоодон өткөрүштү жана жаңы демилгелерди көтөрүү менен иштин жаңы түрлөрүн кеңейтишти. Мисалы, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен биргелешип, Өрнөк көлүнүн жээктерин бекемдөөгө киришти. Эгерде бул иштерди жасабаса, сел айылды каптамак. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаштардын коомдук бирикмесин колдоо ирээтинде ага имарат бөлүп берди.



# Жыйындар залы – инсандык касиеттерди жана жамаатты өнүктүрүү үчүн шарттар

**Ош облусунун Кара-Суу районундагы Шарк айылдык аймагы**
**Юлдашева Р.**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **6** |
| **Калктын саны** | **43000** |
| **Жылдык бюджети** | **34053,3 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Узак убакыт бою Шарк айылындагы мектепте ар кандай иш-чаралар спорт залда өтүп келген. Мисалы, “Инсан” коомдук бирикмеси айына эки жолу жогорку класстын окуучулары арасында интеллектуалдык оюндарды өткөрүп жүрөт. Иш-чара маалында көрүүчүлөр класстардан отургучтарды ала келүүгө мажбур болушчу. Бул болсо сабак маалында мугалимдерге ыңгайсыздыктарды жаратчу. 1033 окуучуга жана 68 мугалимге, мектеп кызматкерлерине ушул маселе көйгөйлүү болуп келди. Ошондуктан ата-энелер чогулушу маалында спорт залды жыйындар залына айландыруу демилгеси көтөрүлдү[1].

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү процессинде бир топ көйгөйлөр аныкталды. Түрдүү топтордун көйгөйлөрү бириктирилди, мунун натыйжасында эң артыкчылыктуу, чукул арада чечилиши керек болгон көйгөй тандалып алынды. Ошол эле маалда жашоочулар “биз маселенин чечилишине таасир тийгизе алабызбы?” деп бири-биринен сурап жатышты. Адегенде мындай ишеним жок эле, бирок



бара-бара кырдаал өзгөрө баштады. Карапайым элеттиктер да оозго алынаарлык жыйынтыктарга жете аларын практика көрсөттү. Мисалы, Шарктын жамааты мектептин имаратын жылуулап, окуучулардын ден соолугун сактоо үчүн эски терезелерди пластик терезелерге алмаштырып берүүгө жергиликтүү бийликти көндүрүштү. Бул болсо ийгиликтин сыры бир нерсени талап кылуу дегенди билдирбейт. Жарандар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чогуу кеңешип, биргелешип кызматташа баштаганды үйрөнгөндө гана ийгиликтин эшиги да ачылды. Бул башталышы гана, бир катар көйгөйлөрдүн биринин чечилиши гана болду. Айталы, жеке ишкерлер жана ыктыярчылар менен биргеликте мектептеги жыйындар залынын жоктугу өңдүү көйгөй чечилди. Баары ата-энелер менен жамааттын биргелешкен ишинин көзгө илинерлик жыйынтыгын көрө алышты. Спорт зал жыйындар залына айланып, ал жерде бардык заманбап шарттар түзүлдү.

[1] Мектеп спорт залсыз калган жок. 2018-жылы мектептин аймагында кийим которуучу, жуунучу жайлары, дааратканасы бар заманбап спорт зал колдонууга берилди.

## Эмнелер жасалды?

"Инсан" жаштар коомдук бирикмесинин өкүлдөрү элеттиктер, курдаштар, мектептин бүтүрүүчүлөрү, ишкерлер менен жолугушууларды өткөрүп турушту. Мектепте ата-энелер чогулуштарында өз демилгелерин көтөрүп чыгышып, ЖӨБ органдары менен келишим түзүп, ишин баштады. Демилгени "Инсан" коомдук бирикмесинин жетекчиси, мектептин мурдагы бүтүрүүчүсү Музаффар КОЧКАРОВ көтөрдү. Демилгени ишке ашырууга айылдын көйгөйлөрүнө кайдыгер карабагандардын баары катышты. Кызматташтыкты мектепте ата-энелердин чогулушунан башташты. Бул чогулушка окуучулардын аталары жана айыл аксакалдары чакырылды. Катышуучуларды демилгенин максаты жана ишке ашыруу планы менен тааныштырып чыгышты. Катышуучулар өз пикирлери, сунуштары менен бөлүшүп, жаштардын демилгесин колдоого алышты.

Чогулушка аталардын жана айыл аксакалдардын катышуусу кызматташтыкты ар тараптан уюштуруу боюнча жакшы жыйынтыктарды берди. Мектептеги эстетикалык жана ыңгайлуу шарттар элеттиктердин жашоосунда чоң мааниге ээ болчу. Ошондуктан бул демилгени ишке ашырууга айылдын дээрлик бардык тургундары катышты.

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн марафону уюштурулуп, кайсы бир өлчөмдөгү акча чогулганы менен, залды толугу менен алмаштырууга каражат тартыш болду. Ошондуктан активисттер айылдын таасирлүү адамдарына, аксакалдарга, ата-энелерге кайрылышты. Алардын ичинде курулуш материалдарын саткан түрдүү уюмдардын жетекчилери да бар эле. Сунушту "Инсан" жаштар коомдук бирикмеси колдоп берди. Жергиликтүү ишкерлер зарыл болгон жабдуулар менен камсыздап берсе, мектептин мурдагы бүтүрүүчүсү залдын дизайнын даярдап берүүгө жардам берди.

Мында жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын өнөктөштүгүнүн ролу чечүүчү ролду ойноду. Мектептин көйгөйүн чечүүгө айыл өкмөтүнүн кызматкерлери өтө олуттуу мамиле жасашып, зал үчүн адистерди табууга жардам беришти. Жергиликтүү бийлик чакан чогулуштар маалында калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө, курулуш материалдарын ташып жеткирүүгө жана машинелерге май куюга да кол кабыш кылды.

Мектептин администрациясы ата-энелер кеңешинин отчеттук чогулушун өткөрүүнү чечкенде күн тартибине демилгелүү топтун жана айыл өкмөт башчынын баяндамалары да кошулду. Сөз алгандардын баяндамасы слайддар жана фотоматериалдар менен коштолду. Чогулуштун соңунда айыл өкмөт башчысы демилгелүү топтун мүчөлөрүн айылдын өнүгүүсүнө жигердүү катышканы үчүн грамоталар менен сыйлады.

Демилгени ишке ашырууда ишкерлердин курулуш товарларына кеткен чыгымы 254 000 сомду түздү. Жаштар ремонт иштерине өз ыктыяры менен жардам берип, эмгек салымын кошту. Жергиликтүү эмерек жасаган ишкерлер 150 000 сомго отургучтарды жасап берсе, кийим тигүүчүлөр 36 00 сомдук пардаларды тигип беришти. Ошондой эле финансылык жардам "Өнүгүү" ата-энелер фондунан түштү. Бул демилгеге донорлордун каражаты тартылган жок.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Бүгүнкү күндө мурдагы спорт зал заманбап, ыңгайлуу жана жакшы жабдылган жыйындар залына айланды. Учурда бул зал мектепке жана окуучуларга гана эмес, ошондой эле жалпы жамаатка да кызмат кылып жатат. Бул жерде жалпы айылдык аймактын деңгээлинде түрдүү иш-чаралар өткөрүлүп келатат. Бирок окуучулардын иш-чаралары үчүн ыңгайлуу, мыкты шарттардын түзүлгөнү эң негизги жыйынтык болду. Окуунун сапаты да жогорулап, мугалимдер администрациянын бардык талаптарына ылайык жана өз убагында ачык сабактарды өтүп жатышат.

Мектеп менен жамааттын ортосундагы байланыш бекемделип, элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеними жогорулады. Баса, ЖӨБ органдары өздөрү мурдагыдан ачык болуп, калк алдындагы отчеттуулугу да өстү. ЭҮЖӨБОЖ долбоору берген кеңештердин жардамы менен бюджет боюнча коомдук угуулар белгиленген стандарттар боюнча өткөрүлүп келатат. Угуулар жаңы залда өтүп, иш-чаралар боюнча протокол түзүлүп, жарандардын суроолоруна жооптор тийиштүү органдарга жиберилип жатат. Бул болсо катышуучулардын кызыгуусун, мотивациясын арттырып, угууларга келген адамдардын саны көбөйдү. Көчөлөрдө чогулушка чакырган баннерлер, афишалар пайда болду. Калкка коомдук угууларга чакыруу билеттери таратыла баштады. ЖӨБдүн кызматкерлери мындай иш-чараларга мурдагыдан дагы дыкат даярданып, иш-чаралар маалында бюджет тууралуу жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде даярдалган баракчаларды таратып беришти. Мындай чаралар жарандардын айыл өкмөтүнүн бюджети тууралуу маалымдуулугун жогорулатат.

Абдукадир ЭРГАШЕВ, айыл башчысы: "Мектептин өтө чоң көйгөйү чечилди. Мектептин жетекчилиги демилгени сунуштаганда, натыйжада мына ушундай кооз, заманбап жыйындар залын көрөм деп элестеткен эмесмин. Бирок баарынан да айылдык жаштарда, жеке ишкерлерде, долбоорго жигердүү катышкан калкта пайда болгон кызыгуу мени таң калтырды жана азыр жетине албай турам".

Балтабай ТУРАХАНОВ, пенсияга чыккан мугалим: "Мен өмүр бою ушул мектепте иштедим. Бүгүн жергиликтүү көйгөйлөрдү донорлорсуз, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен натыйжалуу өнөктөштүк түзүү жолу менен эле чечсе болоoруна ынандым. Айылдын таянычы болгон жаштар көйгөйлөрдү акылдашып, биргелешип, сапаттуу чече алаарын көрсөттү. Мунун жандуу мисалы – кооз, заманбап, бардык шарттар түзүлгөн жыйын залы".




# Жаштардын ынтымагы

**Ош облусунун Өзгөн районундагы Жазы айылдык аймагы**
**Минавар АКЖОЛОВА, Токтобек МАЛИКОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **4** |
| **Калктын саны** | **15386** |
| **Жылдык бюджети** | **24742,6 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Адатта жаштар коомдук угууларга, жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоого дээрлик катышпайт. Жазы айылдык аймагынын өз алдынча демилгелүү тобу жаштарды жамааттын турмушун талкуулоого тартуу, муну менен алардын коомдогу активдүүлүгүн жогорулатуу максатын койду. Демилгелүү топ ошондой эле оор турмуштук абалда жашап жаткан, мектепке барбай иштөөгө мажбур болгон өспүрүмдөргө жардам берип, жаштарды өз пикирин ачык айта билгенди үйрөткүсү келди.

Сурамжылоонун жана изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча, 35 кыз-жигит жана өспүрүмдөр ушундай көйгөйгө туш болгону аныкталды. Ошондой эле “Жашстан” долбоору менен биргелешип айыл башчылары, кварталчылар, ар бир айылдын жаш лидерлери, окуучулар жана жаштар менен жолугушуулар өткөрүлгөн учурда да бул көйгөй тастыкталды.





### Эмнелер жасалды?

Коомдон обочодо калган балдарды аныктагандан кийин бул жеткинчектер эмнелерге кызыгаарын аныктоо боюнча чаралар көрүлдү.

Активисттер "Жаштан" долбоору менен тыгыз кызматташып, айылдын 14төн 28 жашка чейинки жаштары менен жолугушуулар жана чогулуштар өткөрүлдү. Алардын арасында мүнөзү оор, курдаштары менен тил табыша албаган өспүрүмдөр аныкталды. "Жаштан" долбоорунун демилгеси боюнча бул өспүрүмдөр лидердик сапаттарга үйрөткөн мектепке киргизилди. Долбоордун кызматкерлери өз тажрыйбасы менен бөлүшүп, элдин алдында өз пикирин эркин айтканды үйрөтүштү.

Иш-чарага "Жаштан" долбоорунун түштүк аймактары боюнча координатору Гульнур КАРАЕВА, айыл өкмөт башчысы М.ИБРАИМОВ, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын жаштар жана спорт бөлүмүнүн инспектору К.ЭРКИНОВ, айылдык аймактагы мектептердин директорлору катышты. Демилгенин соңку иш-чаралары жаштардын катышуусу менен Кызыл-Дыйкан айылында өттү. Ал жерде катышуучулардын арасында лотерея ойнотулуп, ар бир катышуучу байге алды. Байге катары үтүк, термос, электрмеши, оюнчуктар, чайнектер, блокноттор, кеңсе буюмдары берилди. 10-11-класстын окуучулары, элеттик жаштар, жалпысынан 200дөн ашык адам (анын ичинде кошуна Кызыл-Тоо жана Зергер аймактарынан 60 адам) катышкан иш-чаралар үчүн тогуз чатыр тигилди. Бир чатырда улуттук кыргыз кийимдери, экинчисинде улуттук тамак-аш, үчүнчүсүндө элдик кол өнөрчүлүк, төртүнчүсүндө шахматтар, бешинчисинде тогуз коргоол оюну, алтынчысында живопись үчүн аспаптар, жетинчисинде жаштардын спорттогу жетишкендиктеринин далилдери, сегизинчисинде 15 жашка толо элек окуучулар колго жасаган буюмдар, ал эми тогузунчу чатырда элдик кол өнөрчүлүктүн буюмдары коюлду. Иш-чаранын жүрүшүндө волейбол, футбол, ордо өңдүү спорт оюндары уюштурулду. Мелдештердин жеңүүчүлөрү "Жаштан" долбоорунан байгелерди жана грамоталарды алышты. Гендердик баланс да сакталды – катышуучулардын 60% аялдар түздү.

Жаштар арасында ынтымакты жана достукту бекемдөө максатында, ошондой эле аларды окутуу үчүн долбоорлор жазылды. Алардын маанисин көрсөтүп берип, каржылоо булактарын да таба алышты. Мунун натыйжасында оргтехника, окуу китептери сатып алынып, башка иш-чаралар да уюштурулду.

ЭҮЖӨБОЖ долбоору бир топ билим берди. Мисалы, катышуучулардын санын кантип көбөйтүп, иш-чараны кантип өткөрсө болот, чакырууларды кантип даярдаса болот деген кеп-кеңештерин берип, микрофон менен камсыздады. Эң негизгиси – активисттер көйгөйлөрдү аныктап чыгып, аларды чечкенди үйрөнүштү.

### Жыйынтыгы эмне болду?

Жаштар түрдүү маселелер боюнча өз пикирин ачык айтканды үйрөнүштү, коомдон обочодо калган балдардын саны кыскарды. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү тургундардын активдүүлүгү өткөн жылдарга салыштырмалуу 40% өстү. Бүгүнкү күндө жаштар коомдук угууларга өз алдынча катышып калышты.

# Жамааттардын кайрымдуулугу – жаштардын камкордугу

**Ош облусунун Өзгөн районундагы Куршаб айылдык аймагы**
**Нурбек АКМАТАЛИЕВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **5** |
| **Калктын саны** | **22204** |
| **Жылдык бюджети** | **30100,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Куршаб айыл өкмөтүндө 200дөн ашуун аз камсыз болгон үй-бүлө катталган. Айыл өкмөтүнүн,





жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана жигердүү жаштардын катышуусу менен бул үй-бүлөлөргө кантип жардам берсе болот деген талкуу уюштурулду. Чогулушта айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмесин жана алардын социалдык абалы тууралуу маалымат беришти. Жаш лидерлер бул үй-бүлөлөргө көрсөтүлгөн колдоону күчөтүү максатында азык-түлүк менен камсыздоону, бул көйгөйгө кайдыгер эмес айыл тургундарынан акча чогултууну сунуштап, бул сунуш колдоо тапты. Талкууга активдүү катышкандардын ичинен демилгелүү топ түзүлүп, ага жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү, айылдык аймактын башчысы да кирди.

Демилгени ишке ашыруу максатында айылдагы 300дөн ашуун адамдын арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, 24 сааттын ичинде 100 462 сом чогулду. Бул акчаны үч жеке ишкер, бир дарыгер, жергиликтүү футбол командасынын 15 оюнчусу, чет өлкөдө иштеген 12 мигрант, үч пенсионер, беш аял берди. Мындан тышкары Кореяда окуган жана иштеп жүргөн айылдаштар мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга 30 төшөк салып жиберишкен.

Демилгени ишке ашыруунун жүрүшүндө чогулган каражатка 1 тонна ун, 200 кап макарон, 400 литр май сатып алынды. 2018-жылдын 18-июнунда ушул азык-түлүктү таратып чыгуу үчүн демилгелүү топтун мүчөлөрү “Хюндай Портер” үлгүсүндөгү эки машинени жана беш жеңил автоунааны жалдап беришти. Комиссия түзүлүп, анын курамына айыл өкмөттүн социалдык маселелер боюнча адиси, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана “Куршабды өнүктүрүү фондунун” мүчөлөрү кирди. Азык-түлүктү тизме боюнча таратып чыгуу үчүн “Вотсаптагы” топ аркылуу 20 активист тартылып, алар азык-түлүктү даректер боюнча жеткирип беришти.

Бул демилгенин натыйжасында адамдар канчалык мобилдүү экенин, жакыр үй-бүлөлөргө чоң жардам көрсөтө алаарын түшүнүштү. Ошондой эле бул ишке чоң кызыгуу пайда болду.

Бул иш-чаранын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги абдан сезилди. Алар бул иш-чаралар айыл үчүн эбегейсиз чоң жардам экенин баса белгилешип, ар тараптан колдоо көрсөтүшүп, мындан кийинки демилгелерди уюштурууда биргелешип иш алып барууну сунушташты.



Демилгелүү топ демөөрчүлөргө жана жалпы коомчулукка социалдык тармактар (“Вотсап”, “Одноклассники”) жана мессенджерлер аркылуу сүрөттөр жана видеолор түрүндө

отчетторду беришти. Куршаб айыл өкмөтү, “Куршабды өнүктүрүү фонду” жана айыл тургундары демилгелер боюнча өнөктөштөр болуп калышты.

### Жыйынтыгында эмне болду?

Бул демилге 2018-жылдын июнь айында ишке ашырылган. Ушул тажрыйбадан кийин “Куршабды өнүктүрүү фондуна” кайрылгандардын саны абдан көбөйдү. Айрымдар жардам сурап кайрылса, башкалары колдо болгон жардамын берип туруу үчүн фондго мүчө болгусу келди. Мындан сырткары Куршаб айылынын тургундарынын жана чет өлкөлөрдө эмгектенип жүргөн айылдаштардын фондго болгон ишеними артып, кайрымдуулукка кошулгусу келгендердин саны өстү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен кызматташуу фонд үчүн баалуу тажрыйба болуп калды. Мындай өнөктөштүк тараптардын бири-бирине болгон ишенимин, ошондой эле калк тарабынан өнөктөштөргө болгон ишеним



деңгээлин жогорулатты.

# Жаштар жарык үчүн күрөштү. Жаштар жеңди

**Нарын облусунун Ат-Башы районундагы**
**Ат-Башы айылдык аймагы**
**Бектурган ӨМҮРКУЛОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **1** |
| **Калктын саны** | **14323** |
| **Жылдык бюджети** | **22 605,9 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Кыш мезгилинде эрте жарыкта эле караңгы болуп калат. Ат-Башы райондук борборунун көптөгөн жашоочулары жумуштан же окуудан кайтып келатканда капкараңгы көчөлөрдү аралап өтүүгө мажбур. Туристтердин саны аймакта барган сайын көбөйүп жатканы менен, мындай абал аларга да жакпай жүргөн. Себеби кеч кирээр замат айылдагы көчөлөрдө же мушташуулар же башка жагымсыз окуялар болуп тураар эле. Кээде кылмыштар да болуп, мал уурдалган учурлар катталчу. Ата-энелер күн сайын балдарын мектепке узатып, кечинде тосуп алууга мажбур эле. Айылдын жаштары мындай кырдаалга кайдыгер карап тура албай, 2016-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер менен жолугушуу учурунда жарык берүү маселесин эң көйгөйлүү деп аташты. Бул жолугушууларда талапкерлер жардам берүүнү убада кылышкан. Ошондой эле жаштар тобу прожекторлорду орнотуп берүү өтүнүчү менен айыл өкмөтүнө да кайрылышкан.

### Эмнелер жасалды?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөтү менен сүйлөшүүлөрдөн кийин жаштар көчөлөрдү жарыктандыруу көйгөйүн чече алышты. Жаштардын талабы жана айылдык кеңештин депутаттарынын демилгеси менен бул максаттарга жергиликтүү бюджеттен 870 миң сом бөлүнүп берилди. Ошентип кеч киргенде көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн прожекторлор орнотулду. Болгондо да Ат-Башынын бардык көчөлөрүндө жана кварталдарында 470 прожектор орнотулгандан кийин жарык жана коопсуз болушу үчүн жарандар электр жарыгын убактылуу өчүрүүгө да даяр турушту.

### Жыйынтыгында эмне болду?

Эми балдар кечкисин көчөлөрдө жана короолордо ээн-эркин ойноп, ата-энелер да мурдагыдай тынчсызданбай калышты. Жаштар болсо бош убактысында жарык болуп турган аянтчаларда футбол ойноп жатышат. Түнкүсүн айыл үрөйдү учурбай, туристтер, жаштар, түгөйлөр көчөлөрдү кыдырып басып калышты. Кечки сейилге айылдын карылары да чыгып жатышат. Долбоордон жалпысынан 13 миң тургун, жыл сайын 5 миңге жакын турист пайда көрүүдө.



# Кара-Шоро жайлоосундагы “Аруужан” бала бакчасы

**Ош облусунун Өзгөн районундагы Ак-Жар айылдык аймагы (Большевик айылы)**
**Арууке АБДУКАРИМОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **4** |
| **Калктын саны** | **8214** |
| **Жылдык бюджети** | **12305,0 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Жайлоодо бала бакча ачуу демилгесин 2017-жылы Большевик айылынын тургуну А.АБДУКАРИМОВА жана айылдагы энелердин демилгелүү тобунун мүчөлөрү Ч. АБДРАКАЕВА, Ч. ДЕРБАШЕВА, Т. ТУРАТОВА жана башкалар көтөрүп чыгышкан. Алар өз ара макулдашып алып, бул демилгени ишке ашырууга жигердүү катышты. Жай мезгилинде мал баккан ата-энелерде балдарын кароого жана татыктуу тарбия берүүгө убактысы да, мүмкүнчүлүгү да болбойт. Мына ушул көйгөй жайлоодо бала бакча уюштуруу демилгесин көтөрүп чыгууга себеп болду. Жайлоодогу бала бакчада наристелер тарбиячылардын көзөмөлү алдында ойдогудай тарбия алып, китеп окуп, ар нерселерди өз колдору менен жасап, курдаштары менен ойной алышмак эле.

## Эмнелер жасалды?

Демилгелүү топтун мүчөлөрү жайлоого кеткени камынып жаткандардын баарына бул демилгенин маани-маңызын түшүндүрүп беришти. Алар малчыларга өз кызматтарын – Кара-Шоро жайлоосунда наристелерди карай турган бала бакча ачууну сунушташты.

Айыл тургундары идеяны колдоого алышып, эгерде жайлоодо бала бакча ачылса, өз балдарын жибере турганын айтышты. Идеяны “Роза Отунбаеванын демилгелери” фонду колдоого алып, балдарга жалпы жонунан 25 миң сомго китептерди, шахматты, шашка жана көптөгөн башка оюнчуктарды, зарыл материалдарды беришти. Мындан тышкары ыктыярчылар тобу жайлоого келип, сел жүрсө кандай чараларды көрүш керектигин түшүндүргөн мультфильмди көрсөтүп беришти. Жайлоодогу бала бакчага 37 бала тартылды.

2017-жылы бул тажрыйба ийгиликтүү болгондуктан кийинки жылы Кара-Шоро жайлоосунда бала бакча кайрадан ачылды. Бирок бул жолу бала бакча Качыралы участогунда ачылып, 45 бала кабыл

алынды. "Компаньон" уюму балдарга түрдүү оюнчуктарды жана китептерди сатып берди. Демилгени ишке ашыруу үчүн 30 адам тартылды. Демилге болочок муунга татыктуу тарбия берүү, элин-жерин сүйүүгө, ата-энесин урматтоого үйрөтүп, табият менен тааныштыруу максатын көздөдү.

Тарбиячылар ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүп, семинарлардын жардамы менен балдарга кандай мамиле жасаш керектигин, аларды түрдүү жугуштуу оорулардан коргоо жолдорун түшүндүрүп беришти. Ата-энелер да четте карап турбастан, бала бакчаны таза суу жана отун менен камсыздап, колдон келген жардамын аяшкан жок.

Жайлоодогу бала бакчага Ак-Жар айыл өкмөтү да колдоо көрсөтүп, балдарды бала бакчага жеткирип, кайра алып келүү үчүн транспорт менен камсыздап, бир боз үй бөлүп берди.

### Жыйынтыгында эмне болду?

Малчылардын балдары жана жайлоого чыккан үй-бүлөлөрдө өскөндөр ойдогудай тарбия алганы демилгенин башкы жыйынтыгы болуп калды. Буга чейин малчылардын балдарында мектепке чейинки тарбия алуу мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Бул демилгеге райондук билим берүү бөлүмү да кызыкты. Ошондой эле Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунан бул долбоорго кызыккан атайын өкүлдөр келип, тажрыйба алып кетишти. Андан соң алар да жайлоодо ушундай бала бакча ачышты.



# Ата-энелер, бала бакча, коом – келечекти бирге курабыз

**Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Чоң-Алай айылдык аймагы**
**Үпөл ИСАКОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **11** |
| **Калктын саны** | **15210** |
| **Жылдык бюджети** | **39503,8 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Нуридинов атындагы бала бакча мындан туура он жыл мурда ачылган. Ага-Хан фонду түзгөн бул бакча элет жергесиндеги көйгөйлөрдү чечүүдө чоң мааниге ээ. Эгерде башында бакча мугалимдер жана медициналык кызматкерлер балдарга көз салып турат деген максатта ачылса, бара-бара балдардын эрте өнүгүүсү өңдүү маселе ата-энелерде кызыгууну жаратып, дээрлик ар бир үй-бүлө балдарын алып келе баштады. Бул көрүнүш ата-энелер бала бакчага ишене турганынын чыныгы далили.

## Эмнелер жасалды?

Райондогу башка бала бакчаларга салыштырмалуу бул мекемедеги жамааттын 80 пайызын адистер түзөт, жыйынтыкка багытталган окутуу системасы жолго салынган. Белгилүү педагог Сухомлинскийдин “Баланын акылы манжаларынын учунда” деген принцибин карманган тарбиячылар балдардын манжаларын иштетүүгө өзгөчө маани беришет. Музыкалык сабактарга, бийлерге, дене көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, пластилин жана аппликация менен иштөөгө, туура дем алганды үйрөтүүгө өзгөчө басым жасалат. Негизги көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн натыйжасында математикада, сөз байлыгын кеңейтүүдө, тил үйрөнүүдө, айлана-чөйрө менен таанышууда чоң ийгиликтерге жетүү мүмкүн болду.

Ата-энелер үчүн ачык эшик күнүн өткөрүп, бала бакчанын кызматкерлери санитардык-гигиеналык шарттарды оңдош керектигине ынандыра алышты. Мунун натыйжасында бала бакчага суу жеткирилип, шейшептери жаңыланды, дагы запаска шейшептер сатып алынды. Мындан тышкары “Жайлоо” Өнүгүү борборун түзүү боюнча демилге да ишке ашты. Аталган борбор “Роза Отунбаеванын демилгелери” фондунун мисалынын негизинде түзүлгөн. Мында тарбиячылар жыл сайын атайын окуудан өтүп турушат. Эгерде башында бул программаны ишке ашыруу үчүн боз үй ижарага алынса, акыркы жылдары бул маселе жеке ишкер Жаманкул ГАЛДЫБАЕВдин эсебинен чечилип келатат. Ишкер боз үйдү сатып алып, балдардын мекемесине өткөрүп берген.

Жергиликтүү калктын сунушу менен бала бакча райондор арасында өткөрүлгөн «Мыкты бала бакча» сынагына катышып, биринчи орунду ээледи. Ошол эле жылы ушундай эле облустук сынакта экинчи орунду алышкан. Бала бакчанын тарбиялануучулары “Бешик ыры” аттуу облустук сынакта да жеңүүчү болушту. Ал эми Үпөл ИСАКОВА ушул сынакта “Мыкты чыгарма” деген номинацияда жеңүүчү деп табылган. Ошондой эле бала бакча Кытайдын каржылык жардамын алды. Бакчада шкафтар, стол, отургучтар, килемдер толугу менен жаңыланып, ашканага газ меши, суу кайнатуучу титан сатып алынып, жарык берүүчү лампалар алмаштырылды. Оюнчуктардын дээрлик баары жаңыланып, заманбап телевизорлор коюлду. Бала бакчанын короосунда эски дөңгөлөктөрдөн отургучтар жасалып, балдар таза абада ойной алышы үчүн шарттар түзүлдү. Бала бакчанын сыртында наристелердин кызыгуусун жаратып, көңүлүн бура турган сүрөттөр илинди. Бул сүрөттөр бакчага жаңы келген балдардын көнүп кетүүсүнө жардам берүүдө.



Айылдагы ар бир ата-эне бала бакчанын кызматкерлерине ыраазы болуп, аларга сый-урмат менен мамиле жасап келишет. Кызматкерлердин көпчүлүгү өнөрлүү адамдар, алардын арасында сүрөтчүлөр, бийчилер, жазуучулар жана акындар бар. Бала бакчанын өзгөчө сыймыгы – балдарга ар тараптуу өнүгүүгө жардам берип келаткан бий боюнча мугалим Мартаба ГАПАРОВА жана балдарга сүрөт тарткандан тышкары аппликация, пластилин менен иштегенди үйрөтүп келаткан Айгүл ТАШТАНБЕКОВА. Дене тарбия сабагына да өзгөчө көңүл бурулат, ал эми бул сабакты Уулжан ОТОРБАЕВА алып барат.

Мындан сырткары ата-энелер үчүн да түрдүү темаларга сабактар өткөрүлүп турат. Мисалы, “Үч жашка толо элек баланын өнүгүүсү – ата-эненин негизги милдети”, “Ата-эне, сиз үчүн”, “Жети жашка чейинки баланы тарбиялоо”, “Ата-эне үчүн бала ким?”, “Баланы башынан сылай билүү – бул чыныгы тарбия” деген темаларда сабактар өтүп турат. Буга кошумча балдардын чыгармачыл борбору менен макулдашуунун негизинде бий ийрими да уюштурулган.

Апта сайын ачык сабактар өткөрүлүп, анда мугалимдер тажрыйба алмашып турушат. Бала бакчада өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу маалымат жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Интернетте чагылдырылып келет.

Балдарга жана алардын ата-энелерине этнопедагогикалык тарбия берилет. Бул үчүн элдик салттар “Тушоо той”, “Чач өрдүрүү той”, “Баланын кыркын чыгаруу” өңдүү майрамдар аркылуу жеткирилип турат. Этнопедагогикалык тарбияны жайылтуу максатында 2017-жылы Үпөл ИСАКОВА илимий-практикалык конференцияда баяндама жасаган. Бул баяндама кийин “Ыйык Ата Журт” коомдук фондунун финансылык колдоосу алдында басылып чыккан жыйнакка кирген.

Мындан сырткары көмөкчү чарбанын иши да жолго салынып, беш уй жана 10 баш эчки багылат. Айыл өкмөтү бир гектар участок бөлүп берип, ал жерден жыл сайын мал үчүн тоют даярдалып турат. Буга кошумча 100 пресс чөп сатып алынган. Малдын башын көбөйтүү максатында 40 миң сомго торпоктуу уй да сатып алынды.

2018-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен бала бакчада капиталдык ремонт жасалып,

жергиликтүү калк жардам берди. Бул ремонттун натыйжасында бакчанын бардык каалгалары жана терезелери алмаштырылды, ысык суу өткөрүлүп, кошумча септиктер орнотулду. Ашканада жана от жагуучу бөлмөдө кафель бастырылып, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн талаптарына жооп берип калды. Ошондой эле ашканадагы идиш-аяктар толугу менен жаңыланды.

Педагогдорго балдардын күлкүсү канчалык кымбат болгонун сөз менен айтып жеткирүү мүмкүн эмес. Ар бир наристе бакчага кубанып келип кеткени алардын ата-энесин да бактылуу кылат деп эсептейт Үпөл: “Менин жашоом ушул балдардын кубанычтуу мүнөттөрү коштолгон күндөргө байланганы менен сыймыктанам. Келечекте биздин бакчадан тарбияланган бала коомго кызмат кыла алган, сөзсүз түрдө чыгармачыл бала болуп өсөт деп терең ишенем. Себеби мен ар бир баланын башынан сылап жатканда ушул тилекти айтып, ага бул энергияны жеткиргенге аракет жасайт. Ошол келечекти чыдамсыздык менен күтүп келем.

Бала бакчабыз быйыл он жашка толуп жатканын эске алганда, биздин алгачкы тарбиялануучуларыбыздын алды 9-класска барып калды. Быйыл окуу жылынын башталышы менен “Бакчам он жашта” аттуу облустук семинарды өткөрүүнү пландап жүрөм. Эгерде демилгем жеңишке жетсе он жыл ичиндеги бардык ийгиликтерибизди баяндап берген тасма көрсөтүлүп, эмгектерибиз чагылдырылган китепчелер жарыкка чыгат деп үмтөтүп жүрөм. Бул тасма жана китепче тажрыйбабызды жайылтуунун дагы бир багыты болуп калмакчы. Өзүм да чыгармачыл адам болгондуктан балдардын жашоосунда китептер жана тасмалар болушун каалайт элем.

Семинар үчүн даярдап жаткан китепчем бала бакчанын он жылдык тарыхын, илимий-билим берүүчү иштелмелерди, тарыхый сүрөттөрдү камтымакчы. Дегеним, китепче колуна тийген ар бир окурманым биздин бала бакчадагы ишмердүүлүк таасирдүү жана жайылтууга татыктуу болгонуна ынанмак.

Биздин бакчада тарбияланган балдар келечекте Кыргызстанды башкарган адамдар болуп өсүшөт, дүйнөлүк экономикадан кабардар болуп, өлкөбүздүн маданий-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошушат”.

# Элеттик аялдарды бизнеске тартуу

**Ош облусунун Ноокат районундагы Гүлистан айылдык аймагы**
**Угилай ГОИПОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **2** |
| **Калктын саны** | **19124** |
| **Жылдык бюджети** | **15597,5 миң сом** |



## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Гүлистан айылдык аймагындагы Тутзар айылында 10 миңдин тегерегинде аял жашайт. Ал эми райондо аялдардын саны дээрлик 120 миң болот. Бул болсо ушул жердеги элдин 50,5% аялдар түзөт дегенди билдирет. Аялдар менен эркектердин саны дээрлик бирдей болгонуна карабастан, бардык жерде эркектер басымдуулук кылат: жакшы кызматтарда да эркектер, бизнесте да эркектер. Мындан улам жесир аялдар, жаштар биригип, демилгелүү топ түзүп, гендердик көйгөй, тийиштүү иш-чараларды өткөрүү зарылчылыгы тууралуу маселени көтөрүп чыгышты. Натыйжада беш аялдан турган демилгелүү топ түзүлдү.

## Эмнелер жасалды?

Демилгелүү топ биринчи кезекте айылдык аймактар жана бейөкмөт уюмдар менен иш алып барууну чечти. Ноокат шаарында орун алган “Чернобыль” бейөкмөт уюмуна кайрылып, демилгелүү топ

акысыз колдонууга бөлмө алды. Биздин максатыбыз – элеттик аялдардын көйгөйлөрү, алар үчүн иш орундарын түзүп берүү, ошондой эле чакан бизнес ачуунун жолдорун издөө болду. Сүйлөшүүлөрдөн кийин райондун жана айыл өкмөттүн өкүлдөрү зарыл болгон иш-чараларды биргелешип өткөрүүгө макулдугун берди.

Пландын негизинде бейөкмөт уюмдар менен биргеликте айыл өкмөтүнүн жана райондун өкүлдөрү үчүн тегерек стол талкуусу өткөрүлдү. Ал эми “Чернобыль” уюмунун колдоосу алдында окуу тренингдери уюштурулду. Тренингдер аялдарга бизнес план түзүү көндүмдөрүн үйрөтүү максатында өткөрүлдү. Натыйжада аялдар ишкерликтин үч багытын тандап алышты: туризмди өнүктүрүү, тигүүчү цехти ачуу жана таттууларды сатуу. Ошентип биргелешкен долбоордун бизнес планы түзүлүп, донорго жиберилди.

“Чернобыль” уюмунун ыктыярчылары жер-жерлерде аялдар менен жолугушууларды уюштурушту. Ошондой эле фестивалды өткөрүү маселеси да чечилди. “Чернобыль” уюму бөлүп берген бөлмөдө тигүүчү цех ачылды. Аялдар өздөрү үч тигүүчү машинени алып келишип, ошол замат иш кызыды. Ошентип төрт аял жумуш менен камсыз болду. ПРООН долбоорунун колдоосу менен окуулар уюштурулуп, ошондой эле кошумча үч тигүүчү машина жана тигүү үчүн зарыл болгон материалдарды сатып алууга 240 миң сом бөлүндү.

Ыктыярчылардын жардамы менен Жаңы-Ноокат айылдык аймагындагы “Сахаба” эс алуу багында фестивалды өткөрүү пландалды. Демилгени ишке ашырууга 42 активист аял катышты. Алардын арасында жаш активисттер, айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү, жеке ишкер аялдар, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү болду. Фестиваль коомчулуктун көңүлүн гендердик маселелерге, элеттик аялдарды иш менен камсыз кылууга жана аялдарды ишкерликке тартуу максатында уюштурулду. Мындан тышкары фестиваль жергиликтүү туризмди өнүктүрүү жана Кыргызстанга чет өлкөлүк туристтерди тартуу идеясын көтөрүп





чыкты. Бул фестивалды ПРООН долбоору колдоого алып, иш-чарага Түркия, Индия жана Орусиядан коноктор чакырылды.

Натыйжада 2018-жылдын 21-мартында – Нооруз майрамында фестиваль өтүп, анда аялдардын колунан чыккан буюмдар, ошондой эле улуттук кийимдер жана тамак-аштар тартууланды. Фестивалга 1700гө жакын адам катышып, алардын 1060ы (63%) аялдар болду. Район жетекчилиги, айыл өкмөтү жана чет өлкөлүктөр, бейөкмөт уюмдардын кызматкерлери, демилгелүү топтун мүчөлөрү, карапайым адамдар элеттик аялдардын чыгармачылыгын баалап, алардын көйгөйлөрүн кантип чечсе болоорун көрө алышты.

Фестивалды өткөрүүгө жалпы жонунан 110 миң сом сарпталды. Демилгечилер 20 миң сом, айыл өкмөт башчылары 32 миң сом, жеке ишкерлер 60 миң сомго жакын акча кошушту.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Коомчулуктун, өкмөттүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнестин өкүлдөрү жана чет өлкөлүк коноктор гендердик маселелер боюнча маалымат алышып, келечекте биргелешип иш-чараларды өткөрүүнү чечкени бул фестивалдын башкы жыйынтыгы болуп калды.

Ошондой эле мындай фестивалдарды жана форумдарды жыл сайын өткөрүп туруу жөнүндө чечим кабыл алынды.

Гүлистан жана Жаңы-Ноокат айылдык аймактарынын жетекчилери иш-чараларга катышып, финансылык жактан колдоо көрсөтүштү.

Жергиликтүү калк фестивалга оң баасын берип, келечекте ушундай иш-чараларды өткөрүү сунушун колдошту.

М. ЮЛЧИЕВ, Жаңы-Ноокат айылдык аймагынын башчысы: *“Бул фестиваль жакшы уюштурулду. Биз да колдон келген финансылык жардамыбызды бердик. Себеби бул туристтерди тартуу үчүн жакшы жарнама болуп берет жана аялдар үчүн жумуш орундарын түзүүнүн мыкты ыкмасы. Бул демилгени жыл сайын колдоп турууга аракеттенебиз”.*

M



# Аялдар таштандыны жеңди

**Ош облусунун Араван районундагы Мангыт айылдык аймагы**
**Махсуда ИЛЬГЕЛДИЕВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **5** |
| **Калктын саны** | **10 807** |
| **Жылдык бюджети** | **12 046,0 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Айылды аралап аккан Араван-Сай дарыясы, айылдын талааларын жана бакчаларын, көчөлөрдү, жанаша жаткан жайыт адырларын сугарган канал мурдагыдай тазалыгын, кооздугун жоготуп, таштандыларга толуп калганы демилгени көтөрүп чыгууга себепчи болду.

Заманыбыздын жетишкендиктерин колдонгон аялдардын түйшүгү азайып, мурдагыдай жалаяктардын ордуна "памперстерди" колдонуп жатса да, аларды утилизациялоо көйгөйү чечилбей келатат: көпчүлүк энелер "памперстерди" чогултуп, Араван-Сай дарыясына же жакын жердеги адырга ыргытып салышат. Бирок аны ким тазалайт деп ойлонгон адам жок.

Акыркы мезгилде айыл тургундарынын экономикалык абалы оңолуп, көптөр ремонт жасап, курулуш иштерин кызыды. Бирок курулуш таштандысы да туш келди жерге ыргытылат.

Айылда сегиз азык-түлүк дүкөнү иштейт. Бул дүкөндөрдөн балдар балмуздак, сагыз жана башка таттууларды сатып алып, "таштандыны ким жыйнайт?" деп ойлонбостон туш келди ыргыта беришет. "Улам тазалай берген жер эмес, эч ким булгабаган жер таза болот" деген эреже айылда сакталбайт. Бирок элеттиктер ар кайсы себептер менен чогулган учурда бул тазалык маселеси маалмаалы менен көтөрүлүп келатат: "Кайда карабагын айлана булганып, таштандыга толуп кетти. Айлана-чөйрөнүн тазалыгын кантип сактайбыз? "Памперстерди" өрттөш керекпи же көмүп салганыбыз эле туура болобу? Өзүбүз ансыз деле алты сотик жерде жашасак, кайсы жерге көмөбүз? Эгерде өрттөй турган болсок, анда анын жыты тегеректе жашагандардын нааразычылыгын жаратат да". Мына ушундай маселелер айылдык чогулуштарда буга чейин көтөрүлүп келген эле.

Ошентип бара-бара жамаат таштандыны чогултуп, чыгарып турууну чечти. Ошондой эле үй-бүлөдө, мектепте айлана-чөйрөнүн тазалыгына олуттуу мамилени калыптандыруу зарыл экени, балдарга таштандыны ар кайсы жерге ыргытпай, атайын бир жерге таштаганды үйрөтүш керектиги белгиленди. Бул иштерди үч айдын ичинде жасап чыгууну чечишти.

## Эмнелер жасалды?

А.Эшенкулов атындагы мектептин активдүү мугалимдери айылдагы түрдүү микроучастоктордо жашаган 20 лидер аял үчүн семинар өткөрүштү. Бул семинарда аялдар ар бир үй кожолук күнүнө, апта-



сына жана жылына канча таштанды чыгарарын, аны тазалоо үчүн кандай техника керектигин, таштанды жыйноонун графиги кандай болоорун, таштанды чыгарууга кеткен чыгымды ким төлөй турганын талкуулашты. Аялдар А.Анаров айыл өкмөтүндө таштанды чыгаруу боюнча оң тажрыйбаны изилдеп чыгышты. Ошондой эле аймакты таштандыдан арылтуу максатында ишембиликти Курман айттын алдында өткөрүү сунушталды. Семинардын 16 катышуучусу демилгелүү топ түзүп, ишке киришти. Андан соң алты айылдан таштанды жыйналып, райондук полигонго чыгарылды. Лидер аялдар ошол эле жерден таштандыны сорттоп чыгууну сунуштап, өрттөлө турган, металл, сына турган, курулуш таштандыларын жана "памперстерди" бөлүп алышты. Ар бир көчөдө таштандыны чыгарууну уюштурууга, график түзүүгө үгүттөгөн иш-чаралар өткөрүлдү.

2018-2019-окуу жылында А.Эшенкулов атындагы орто мектепте 290 окуучуга жана алардын ата-энелерине таштандыны бөлүп чогултуу, таштандынын айлана-чөйрөгө, адамдын ден соолугуна тийгизип жаткан терс таасири, таштандыны кайра иштетүү боюнча дүйнөлүк практика тууралуу кеңири маалымат берилди. 3-7-класстардын окуучулары арасында "Таштанды айылыбыздын көркүн бузуп жатат" жана "Таштандынын айлана-чөйрөгө тийгизген зыяны" деген темада тартылган сүрөттөргө сынак жарыяланып, жеңүүчүлөр тандалды. Байге фонду 15 700 сомду түзүп, бул акчаны демилгелүү топтун жигердүү катышуучулары өз чөнтөгүнөн чыгарышты. Окуучуларды таштандыны туш келди жерге ыргытпай, атайын бул үчүн бөлүнгөн жерге таштоого көндүрүү максатында мектепте эки чакадан 25 урна жасалып, окуучулар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.



Бул иш-чаралар тууралуу мечиттерде, эл көп чогулган жерлерде (тойлордо, чогулуштарда) маалымат берилип, мектептин окуучулары аркылуу буклеттер таратылды.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Эми 4 миңге жакын адам жашаган аймакта кайрадан тазалык өкүм сүрүп, жаратылыш мурдагыдай эле элди суктандырып турмакчы.

Бул демилгени айылдын бардык жашоочулары бир добуштан колдошту. 21 көчөдөн таштанды туруктуу чыгарылып, жашоочулар бул кызмат көрсөтүүлөр үчүн таштандынын көлөмүнө жараша 20 сомдон 200 сомго чейин акыны эч кечиктирбестен төлөп келатышат[1].

M

[1] Редакциянын эскертүүсү: азырынча бул кызмат көрсөтүү аялдардын өзүн уюштуруусунун жыйынтыгы болуп саналууда. Кызмат көрсөтүү туруктуу болушу үчүн Мангыт айылынын активист аялдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташтыкты жолго салышы керек.

# “Айылды өнүктүрүү-2017” конкурсу

**Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылдык аймагы**
**Алмаз ОМУРОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **1** |
| **Калктын саны** | **3 998** |
| **Жылдык бюджети** | **16 703,2 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

“Айылды өнүктүрүү-2017” сынагын уюштуруунун негизги максаты – Ак-Муз айыл элинин ынтымагын, маданиятын, биримдигин бекемдөө, жашоо деңгээлин көтөрүү, ички тартип эрежелерин сактоо, санитардык абалды жакшыртуу, аймактарын көрктөндүрүү, экологиялык абалын жакшыртуу, жарандарга кызмат көрсөтүүнүн ыңгайлуу шарттарын түзүү, айылдын инфраструктурасын жакшыртуу, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Буга чейин жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөттүн ишин баалоодогу сандык көрсөткүчтөрдү жакшы деңгээлге жеткирүүнүн натыйжалуу жолдорун издеп келген. Алар:

- ички жолдордун абалы;
- коомдук жайлардын тазалыгы;
- жалпы коопсуздуктун абалы, кылмыштуулук көрсөткүчтөрүнүн төмөн болушу;
- жаз, күз мезгилдеринде мал жаюу тартибин сактоо;
- коомдук жумуштарга калктын жигердүү катышуусу;
- сууга, ар кандай жыйымдарга төлөнгөн акыны чогултуу көрсөткүчтөрү;
- маданий иш-чараларды өткөрүү;
- спорттук мелдештерди өткөрүү;
- айыл чарбасында жана жеке ишкерчиликти өнүктүрүү чөйрөсүндө жетишкендиктер;
- жергиликтүү маанидеги башка олуттуу маселелер.



## Эмнелер жасалды?

Бул көйгөйлөрдү чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаты жана адам ресурстары чектелүү болгонун айтпаса да түшүнүктүү. Ошондуктан бул көйгөйлөрдү чечүүгө айыл тургундарын кантип тартса болот деген суроонун жооп издеп жатып, жергиликтүү кеңеш калкты шыктандыруу максатында сынак уюштурууну чечти. Бул ойду айыл өкмөтү жана активисттер менен талкуулап көрүп, натыйжада “Айылды өнүктүрүү-2017” деп аталган кароо сынакты өткөрүү тууралуу жобо иштелип чыкты. Жобону айыл өкмөтү даярдап, башчынын буйругу бекитилди. Жобонун шарттарына ылайык “Айылды өнүктүрүү-2017” наамына ээ болуу үчүн төмөнкү критерийлер боюнча мүмкүн болушунча эң көп упай чогултуш керек эле:

- жыл ичинде маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү;
- айыл элинин ынтымагын, биримдигин сактоо;
- коомдук тартиптин, көчүү, конуу эрежелерин сактоо;
- жыл ичинде жайыт, суу акыларын, салык төлөмдөрүн төлөө;
- таштандыларды атайын бөлүнгөн жерге төгүү;
- арыктарды тазалоо боюнча иш-чараларга катышуу.

Сынакты уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын комитет түзүлүп, ага жергиликтүү кеңештин эки депутаты, айыл өкмөтүнүн үч кызматкери, эки ыктыярчы, мамлекеттик органдардын үч жетекчиси кирди.

Сынак жана анын шарттары тууралуу жарыя 2017-жылдын май айынан тарта кеңири таратылып, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча маалыматтык өнөктүк өткөрүлдү. Ар бир көчөгө жооптуу болгон айыл өкмөттүн кызматкерлери жашоочуларга сынактын шарттарын түшүндүрүп, эл арасында маалыматты таратып чыгышты.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Бул сынак абдан жакшы жыйынтыктарды берди: элдин ынтымагы чыңдалды; жайыт, таза суу акыларын, салык төлөмдөрүн чогулушун эл өзү көзөмөлдөдү (активисттер ар бир көчөдө салык кызматынын кызматкерлеринен, жайыт комитетинен жана “Сууканалдан” төлөмдөр тууралуу сурап турушту); жыл ичинде ар бир жыйырма күндө “Ыр кесе” сынагы өтүп турду; ар бир жаран өз жоопкерчилигин, милдетин түшүнүп, бадагa уй кошуу, корукка малды киргизбөө өңдүү эреже-

лерди так сактоого аракет кылышты. Эң негизгиси конкреттүү көчөнүн көйгөйүн чечип алууга аракет жасалды.

Жылдын аягында атайын комиссия түзүлүп, Жобонун шарттарына ылайык ар бир көрсөткүч боюнча упай берип, жеңүүчүлөр аныкталды. Биринчи орунду К.Керимов айылынын жашоочулары ээлеп, кубок жана 120 миң сом алышты. Экинчи орунду Т. Арзыгулов көчөсүнүн тургундары ээлешти. Аларга 90 миң сом жана диплом берилди. Үчүнчү орунду Б. Тайсалов, Н.Айтбаев, Календер-ата көчөлөрү өз ара бөлүшүп, 30 миң сом жана диплом алышты. Төртүнчү орунду Акмат уулу Осмонсадык атындагы көчөнүн тургундары ээлеп, диплом жана 30 миң сом байге алышты. Жыйынтыгында сынакты кийинки жылы да улантып, жеңүүчү деп табылган көчөнүн жолу толугу менен оңдолуп берилмей болду.

Байге фондунун каражаттары толугу менен жергиликтүү бюджеттен каржыланды жана жеңүүчү деп табылган көчөнүн ички инфраструктурасын жакшыртууга багытталмакчы. Бүгүнкү күндө байге фондунун каражатын жана жашоочулардын өз салымын чогултуп, көчөлөрдү жарыктандырууну жолго салуу пландалып жатат. Бул үчүн мамлекеттик сатып алуулар боюнча веб порталга жарыя берилген. 2018-жылдын этегине чейин жумуштарды жыйынтыктоо пландалып жатат. Бул сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.КАЙЫПОВ Ак-Муз айыл аймагына келип, эл менен жолугушкан учурда берилген. КАЙЫПОВ сынактын жыйынтыктарына жогорку баасын берип, ыйгарым укуктуу өкүлчүлүк бул сынакты улантуу ниети бар экенин, тажрыйбаны облус деңгээлинде таратуу мүмкүн экенин белгиледи.

Бүгүнкү күндө бул тажрыйбаны башка айыл өкмөттөрү да өздөштүрүп, ушундай иш-чараларды өткөрө башташты.

Бул сынактын алкагында 2018-жылдын 27-февралында айылды өнүктүрүү боюнча марафон өткөрүлүп, анын жыйынтыгы менен 600 миң сом чогулду. Марафонго Бишкек шаарында жашап, иштеп жүргөн Ак-Муз айылынын тургундары, айыл өкмөт башчысы, аппарат кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, айылдын демилгелүү жаштары катышты. Ушул тапта каражаттарды ачык-айкын колдонуу үчүн коомдук фондду түзүү, анын жобосун КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык даярдоо боюнча иштер жасалып жатат.



# “Тотуя-Торгой” жергиликтүү өнүктүрүү фонду: эң оор көйгөйлөрдү өз күчүбүз менен чечебиз

**Нарын облусунун Нарын районундагы Он-Арча айылдык аймагы (Эчки-Башы айылы)**
**Касымбекова Элзат, Салтанат АРПАЧИЕВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **2** |
| **Калктын саны** | **3 446** |
| **Жылдык бюджети** | **8 250,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Он-Арча айылдык аймагынын чегинде түзүлгөн коомдук жана коомдук эмес уюмдар көптөгөн пай-



далуу демилгелерди ишке ашырып келатат. Мисалы, айыл элинин демилгеси менен түзүлгөн "Тотуя-Торгой" коомдук фонду жашоочулардын өз каражатынан түптөлгөн. Ошол маалда фонддун акчасы 90 миң сом болчу. Акчага муктаж ар бир тургун каалаган учурда фонддон акча ала алмак. Айдап себүү жана оруп жыйноо учурунда айыл чарба техникасынын ремонту үчүн алар акчаны аз пайыз менен алса болот. Бүгүнкү күндө фонддун бюджети 250 миң сомго жетип калды.

2018-жылдын апрель айында айыл өкмөттүн демилгеси менен апрель жана май "тазалык айлары" деп жарыяланып, ар бир ишембиде айыл эли көчөлөрдү, үйлөрдүн айланасын, Эчки-Башы суусунун жээктерин, социалдык мекемелердин тегерек четин жана Бишкек-Торугарт автожолунун айыл аймакка тиешелүү жерлерин тазалап турушту. Айылдын төрт жерине таштанды төкчү жайлар жасалды. Аппарат кызматкерлери, мектеп мугалимдери айылдагы аял-эркектер бардык бак-дарактарды, мекемелердин короосунда өскөн бактарды актап чыгышты.

## Эмнелер жасалды?

Чогулуш айылдын маданият үйүндө өттү. Айыл эли талааларды сугарган каналдарды тазалоо, аларды ремонттоо, таштандыны жок кылуу маселелерин талкуулашты. Жеке ишкерлер бала бакчанын имаратын оңдоп чыгууну жана жаңы конушта балдар аянтчасын курууну чечишти. Көйгөйлүү маселелер аныкталып, зарыл болгон иш-чаралардын планы иштелип чыкты. Бардык иштер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тикелей катышуусу менен уюштурулду. Ар бир иш-чара үчүн жооптуу болуп айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлери дайындалып, аларга зарыл документтердин баарын бүткөрүп берүү милдети жүктөлдү.

Айылды таштандыдан арылтуу үчүн мектептин, бала бакчанын жамааттары жана аппарат кызматкерлери аймакты өз ара бөлүп алышты. Ар бир жаран өз үйүнүн айланасын тазалап турууга макулдугун берди.

"Тотуя-Торгой" коомдук фондун түзүүгө ар бир уруудан бирден адам шайланып, тогуз адамдан турган комиссия түзүлдү. Өздөрү ичинен төраганы, катчыны жана бухгалтерди шайлап алышты. Дагы үч адам бир жылдык мөөнөт менен текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү болуп дайындалышты. Аларга акча каражаттарына көз салып туруу, акча кантип жана кандай максаттарда колдонулуп жатканын текшерүү милдеттери коюлду. Күзүндө элдик жыйналышта комиссия эл алдында отчет берет.

Коомдук фонддун төрагасы Сабырбек КОЙБОРИЕВ, ал эми бухгалтери Назгуль АСАНГАЗИЕВА болушту.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Айыл тургуну Кылыч ЭСЕНАЛИЕВ "Абдылда Ата" бала бакчасына ашкана жана кампа куруп берди. Чыгымдардын жалпы суммасы 600 миң сомду түздү. Азамат КАЗЫБАЕВ айылдын жаңы конушуна 200 миң сомго бала бакча салып берүүгө убада берди. Нарын шаарында жашаган айылдык ишкерлер "Абдылда Ата" бала бакчасынын айланасын 100 миң сомго тосмолоп берээрин айтышты. Айыл тургуну Сулайман МАМБЕТАЛИЕВ 200 миң сомго парк куруп жатат.

Айылдык жаштар айдоо аянттарына баруучу "Күмүш", "Карбос", "Байдулуу", "Торгой" каналдарын ашар жолу менен тазалашты. Узундугу 3 км болгон "Күмүш" каналын тазалоого 35 адам тартылды, алардын эмгек салымын 45 миң сомго баалаcа болот. Узундугу 4 км болгон "Карбос" каналын тазалоого 55 адам тартылды (эмгек салымы 60 миң сом болду). Узундугу 1 км болгон "Байдулуу" каналын тазалоого 75 адам тартылды. Жумушчулар жерди казып, целлофан төшөп, ал эми өзгөчө кооптуу жерлер бетондолду (эмгек салымы 250 миң сом болду).

"Тотуя-Торгой"коомдук фонду өз ишин кызуу баштады. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана бизнести эми гана баштаган түгөйлөргө айдап себүү жана оруп жыйноо учурунда айыл чарба техникасын оңдогонго пайызсыз насыя берилип турат. Ал эми айылдын калган тургундарына фонддун туруктуулугу жана көбөйүшү үчүн аз пайыз менен насыя берилет. Акча алууну каалаган жарандар адегенде фонддун төрагасына арыз менен кайрылат. Төрага бул маселени тогуз адамдан турган комиссиянын кароосуна жиберет. Алар макулдугун бергенден кийин зайым сураган адамга акча берилет. Акча алган адам карызды арызда көргөзүлгөн мөөнөткө чейин кайтарып бериши керек. Фонддун финансылык колдоосу менен айылда төрт адам үчүн тигүүчү цех ачылды. Айылдагы төрт жерде таштанды ыргытчу жай даярдалып, ал эми айылдын өзү болсо таштандыдан арылды. Чарбактарда көчөттөр отургузулду.

Айылда өткөн бул чогулуш жана демилге элге чоң таасирин тийгизди. Эки айлык тазалоодон кийин адамдар таштандыларды ар кайсы жерге ыргытпай, бул үчүн атайын бөлүнүп берилген жайларга төгүп калышты. "Тотуя-Торгой" коомдук фонду уюшулганын билген адамдар тай, торпок, кой беришип, фондду иши колдоого алынды.



# Үлгүлүү көчө

**Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айылдык аймагы**
**Бердали КОНУРБАЕВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **5** |
| **Калктын саны** | **11 087** |
| **Жылдык бюджети** | **11 039,0 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Айылдын 252 тургуну таштанды көйгөйүнүн азабын тартып жатышты. Бирок ар бири анын көчөсү таза жана кооз болушун каалап турган эле. Бул көйгөй айылдык чогулуштарда, айыл өкмөт башчысынын төрагалыгы алдында өткөн жыйындарда байма-бай көтөрүлүп келди.

Таштанды маселесин айылдын бардык эли туура кабыл алып, чогулуштарда бул көйгөйдү чечүүнүн жолдору талкууланып, алты адамдан турган демилгелүү топ түзүлдү. Топ менен чогуу “Үлгүлүү көчө” долбоору боюнча иш-аракеттер планы түзүлдү. Демилгелүү топ өз жыйындарын өткөрүп, анда планды ишке ашыруу боюнча конкреттүү иш-чаралар талкууланды. Мындан тышкары жашоочулар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, адамдар көчөлөрүн көрктөндүрүүнүн үстүнөн иштей башташты. Жергиликтүү тургундар бул ишке билек түрө киришти.

## Эмнелер жасалды?

Көчөлөрдүн тургундары менен чогулуштар өткөрүлүп, таштанды тазалоо, жөө жүргүнчүлөр өтчү жолдорду калыбына келтирүү, жол боюндагы арыктарды кеңейтүү маселелери талкууланды. Зарыл болгон жерде арык суусу үчүн трубаларды орнотуу керектигин, ар бир үй кожолукка таза суу өткөрүү зарыл экенин чечишти. Ар бир көчөгө жарык берип турчу чырактарды илип, электр жарыгын өткөрүү зарыл деген пикирге келишти. Көчөлөрдү мындан ары да талаптагыдай абалда кармоонун жолдору кошо изделди. Чогулуштарда өтө көп кызыктуу демилгелер сунушталды. Бардык сунуштарды иш-чаралар планына кошуу үчүн жазып алышты. Айыл өкмөт башчысы жана айыл старостасы да демилгеге колдоосун билдирди.

Адегенде уюштуруу маселелери чечилди. Ар бир үй кожолуктан 10 миң сомдон акча чогултулуп, ишке жөндөмдүү адамдар эл үчүн акы албай иштеп берүү ниетин билдиришти. Айылдагы үч кожолуктун колу жука болгондуктан алар ай сайын төлөнчү акыдан бошотулду. Бирок өз каалоосу менен 25 миң сомдон берген үй кожолуктар да болду – бул эки кожолуктун балдары учурда чет өлкөдө иштеп жүрүшөт. Көчөнүн дагы бир тургуну 50 миң сом берди. Жалпысынан жашоочулар 490 миң сом чогултуп, эмгек салымы 200 миң сомго бааланды.

Демилгени ишке ашырууда гендердик баланс сакталды – демилгелүү топтун үч мүчөсү аялдар болду. Долбоорду ишке ашырууда аялдар өтө чоң ролду ойношту. Акча каражаттарын чогултууда, сарптоодо, кызматкерлерге ысык тамак даярдоодо аялдардын жардамы баа жеткис болду. Аялдар мына ушундай демилгелүү болбогондо, бул башталган иштер соңуна чыкмак эмес деп ишенимдүү айтса болот.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Натыйжада көчөлөрдүн тазалыгына көзөмөл орнотулду, жашылдандырылды, тротуарлар көрктөндүрүлгөндүктөн жолдордо коопсуздук бир кыйла жогорулады. Жол боюндагы арыктар казылып, бетондолду. Эми зарыл көлөмдөгү суу арык системасына келип, сугат үчүн уруш-талаштарга чекит койду.

Таза суу үйлөргө жаңы трубалар аркылуу келип,

көптөр суу жылыткыч жабдууларды үйүнө орнотуп алышты. Эми тургундардын үйүндө муздак суу гана эмес, ошондой эле ысык суу да чыгып калды. Мунун натыйжасында аялдардын үйдөгү түйшүгү да бир кыйла жеңилдеди.

Ошондой эле таштанды төгүү маселеси да чечилди. Бул үчүн темир контейнерлер орнотулмакчы. Ошондой эле кечкисин көчөлөргө жарык берүү маселеси да чечилди.

Айыл өкмөт башчысы биргелешкен иштердин жыйынтыгы боюнча айыл эли менен чогулуш өткөрүп жатып, эгерде тургундар ынтымактуу болсо, жылдар бою чечилбей келген көптөгөн көйгөйлөрдү өтө кыска убакыт ичинде чечсе болоорун белгиледи. Бул демилгени уланата бериш керек, башка көчөлөрдө, башка айылдарда да ушул тажрыйбаны жайылтуу зарыл деген пикирлер айтылды. Ал эми мындай демилгелерди ишке ашыргандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана калк дайыма байланышта болуп, бири-бирин колдоп, көйгөйлүү маселелерди чогуу чече алышы керек.

Бул демилгенин мисалында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү калктын көйгөйлөрүнө, айыл ичиндеги маселелерге көбүрөөк көңүл бурушу керектиги белгилүү болду.

Элеттиктердин көйгөйлөрүн чечүү жолдору ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун жардам менен да табылды. Долбоор назарды жергиликтүү калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара байланышына бургандыктан, жашоо шарттары бир кыйла жакшырды.

Ал арада калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы мамилелер оңолуп, өз ара жардам берүү, ишеним артуу, ачык болуу өңдүү белгилер пайда болду. Турмуш шартты оңдоо боюнча сунуштар жана пикирлер туура жана өз убагында кабыл алына баштады.





# Салттарды жана тарыхый мурасты сактап калуу

**Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу айылдык аймагы**
**Телегей БОСТОНБАЕВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **5** |
| **Калктын саны** | **5 820** |
| **Жылдык бюджети** | **6 023,5 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Азыркы жаштар барган сайын өз элинин маданиятын, салт-санааларын жана адаттарын



түздү. Бул долбоор балдарды жана жаштарды тарыхта калган каада-салттар менен тааныштыруу максатын көздөдү. Аймактарды өнүктүрүү жылынын алкагында демилгелүү топко ата-энелер жана бала бакчанын жамааты, ошондой эле айыл өкмөт башчы колдоо көрсөтүштү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жигердүү жарандар менен биргеликте айылда сакталып калган этнобуюмдарды чогултуунун ыкмаларын жана иш-чараны өткөрүү үчүн финансы каражаттарын издөө жолдорун иштеп чыгышты. Бул демилгени ишке ашырууга бала бакчанын жамааты, анын тарбиялануучулары, айыл аксакалдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коноктор тартылды.

Айылдаштардын пикирин билип, алардан кеп-кеңеш алуу максатында калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү – бала бакчада ата-энелердин чогулуштары, эл көп чогулган жерлерде жыйындар өттү. Санжыраны билген улуу муундун өкүлдөрү барган сайын азайып баратканы белгиленип, алардын билген-ууккандарын жаздырып калууга үлгүрүш керек деген сунуштар эсепке алынды.

Этнокийимдер, балдар үчүн кыргыз улуттук кийимдер тигилип, кыргыз элдик ырлары жазылып, улуттук тамактар жасалды. Көчмөн кыргыздардын турмушун баяндаган көргөзмөлөр уюштурулуп, ыйык жерлердин сүрөттөрү менен буклеттер ба-



унутуп баратат. Өз бабаларынын санжырасын, аталары басып өткөн тарыхы билген улуу муундун өкүлдөрү дээрлик калбай калды. Өз тарыхын билген жана ал унутулуп бараткамын көрүп жаткан адамдар буга өкүнүчүн билдирип, көптөгөн чогулуштарда жана майрамдарда бул маселени көтөрүп чыгышып, сунуштарын берип келишти. Бирок эч кандай чара көрүлбөй жатты. “Тарыхы болбой эл болбойт” деп жөн жеринен айтылбаса керек. Ата-бабалар басып өткөн жол унутта калбашы үчүн, аны урпактар кастарлап, биле жүрүшү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, демилгелүү топтор демөөрчүлөр менен биргеликте салттарды жана маданий мурасты сактап калуу боюнча демилгени көтөрүп чыгышты. Бул көйгөйдү көтөрүп чыгууда демилгелүү топтун өкүлдөрү, айыл өкмөт башчысы жана “Султанмурат” бала бакчасынын жамааты чоң ролду ойноду. Алардын жардамы менен ири иш-чара уюштурулду.

## Эмнелер жасалды?

Бул демилгени ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, демилгелүү топтун өкүлдөрү жана лидерлер менен биргеликте иш-чаралар планы түзүлүп, 2018-жылдын 24-августунда “Басып өткөн жолубузду улуу тарыхтан таанып билебиз” деп аталган долбоор ишке ашты.

Этнобуюмдардын, кийимдердин, санжыра тууралуу китептердин, жергиликтүү эл сактап калган ырлар жана обондордун, ошондой эле жергиликтүү чеберлердин жана жыгач усталардын колунан чыккан буюмдардын көргөзмөсү долбоордун өзөгүн



сып чыгарылды. Кол өнөрчүлөрдүн жана жыгач усталардын буюмдары да колдонулду. Үч боз үй жасалгаланып, бир алачык тигилди. Бардык зарыл болгон материалдарды жергиликтүү эл жана бала бакчанын жамааты берди. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болсо музыкалык жабдууну берип, транспорт маселесин чечти. Идеяны ишке ашырууга ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтык чоң таасирин тийгизди. Себеби аталган долбоор жергиликтүү калктын демилгелерин ишке ашырууга жардам берди.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Муундан муунга, жаш-карыга карабай баарына ата-бабаларыбыз басып өткөн жолду баяндап берүү, жаштарга тарыхты жеткирүү жана аны сактап калуу долбоордун башкы максаты болду. Бул долбоор аз да болсо өсүп келаткан муунга тарых эмне экенин түшүнүп, баамдай алууга жардам берди. Улуу муундун өкүлдөрү жоголуп бараткан тарыхты сактап калуу үчүн “Улуу тарых унутулбайт” деп аталган чакан музейди ачышып, этнобуюмдарды сактамай болушту. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары четте калбай, кайдыгер карап турбастан жабдуулар жана транспорт менен болушунча жардам бергени өтө маанилүү болду.

Бардык колдо болгон этнобуюмдар музейге өткөрүлүп берилип, жергиликтүү бийлик жана билим берүү бөлүмүнүн жетекчилиги уюштуруучуларга ыраазычылыгын билдиришти. Бул долбоор ЭлТР жана “Ынтымак” телеканалдарында, ошондой эле Интернетте да чагылдырылды.

Эл болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, демилгелүү топторго жана уюштуруучуларга ыраазы болуп, жашоочулардын аларга болгон ишеними артты. Жергиликтүү эл дагы бир топ маселелерди ЖӨБ органдары менен кызматташып чечүүгө кызыкдар экенин билдирди.

Алар бул иштер биргелешип, мунаса табуу жолу менен чечиле турганын белгилешти. Бул долбоорго бала бакчада тарбия көргөн наристелер да катышканы тургундарды кубандырып, долбоорго болгон кызыгуусун ого бетер арттырды. Алар ошондой эле бул демилгени токтотпостон, андан ары улантып, улуу тарыхтын жаңы барактарын ачуу аракеттери жасала берээрин белгилешти.

Негизинен жергиликтүү демилге жаш муунду өз тарыхын урматтап, муундан муунга өткөрүп туруусуна багытталган болчу. Жеткинчектер эмне үчүн тарыхты билүү маанилүү экенин түшүнүшү керек. Алар улуу тарых дайыма бизди жандап жүрөөрүн, тарыхын унуткан эл жоголоорун билиши абзел. Жаштар унутула баштаган улуттук каада-салттар менен таанышып, ата-бабаларыбыз кийген кийимдерди, колдонгон буюмдарды көрө алышты.

# Балдардын талантына жол ачалы

**Нарын облусунун Нарын районундагы Учкун айылдык аймагы**
**Ааза ТИЛЕКМАТОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **2** |
| **Калктын саны** | **6 211** |
| **Жылдык бюджети** | **8 734,9 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Салттуу айылдык жамаат балдарга өзүнүн чыгармачыл дараметин ачып берүү үчүн дайыма эле жетиштүү шарттарды түзүп бере албайт. Кээде мындай таланттуу балдар чүнчүп, аларды эч ким кабыл албай, түшүнбөй жаткандай кысылып кетишет. Мына ушул коркунучту баамдап, талантуу балдарга жана жаштарга өзүн көрсөтө алуусу үчүн шарттарды түзүп берүү максатында Куланак айылындагы Маданият үйүнүн жамааты өнөктүк өткөрүп, окуучулардын арасынан таланттууларды иргеп алууну чечти.

### Эмнелер жасалды?

Куланак айылында Тамара Жумакаеванын атындагы маданият үйүндө “Эл ичи – өнөр кенчи” деген аталышта кароо сынак уюштурулду. Кароо сынакка эң таланттуу окуучулар катышты. Мүмкүн болушунча көбүрөөк адамды тартуу максатында

айылда жарыялар илинип чыкты. Көп өтпөй талапкерлер Маданият үйүнө агылып, каттоодон өтүп, репетициялар башталды.

Ошентип жарыяланган иш-чара өтчү күн да келди. Кароо сынакта жергиликтүү жаш таланттар чыгармачылыктын ар кандай түрлөрүндө өз өнөрүн жана талантын көрсөтүп беришти. Балдар ырдашты, бийлешти, көркөм окушту, тарткан сүрөттөрүн көрсөтүп, “Манас” айтышты.

Балдардын эң кичүүсү, бирок бир кыйла талanttуу манасчы деп үчүнчү класстын окуучусу Адилет ШАРИПОВ табылды. Ал атактуу эпостон үзүндүнү абдан бериле айтып берди. Жаш курагына карабастан Адилет буга чейин да көптөгөн сынактарга катышып, байге алып, лауреат болгон эле. 8-класстын окуучусу Калыс ТӨРӨГЕЛДИ уулу да “Манас” эпосунан үзүндүнү (“Чоң казат Алооке”) мыкты аткарып берди. Экинчи класстын окуучулары болсо испан бийин эң жогорку деңгээлде бийлеп, өнөрлөрүн көрсөтүштү. Улуттук кийим менен “Кара жорго” бийин бийлеп чыккан Акзыйнат жана Айжамал көрүүчүлөргө кыргыз бийинен тышкары, башка элдердин бийлерин да тартуулашты. Көркөм окууга чыккан Гүлбарчын РУСЛАН кызы жана Бекжан КЕМЕЛОВ Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” чыгармасынан үзүндү (Майсалбектин катын) окуп беришти. Сүрөт боюнча сынакта Сабина САТАР кызы, Айсулуу АБДЫРАИМОВА, Кайрат БОЛОТБЕК уулу жана Үмүт БЕРДИБЕКОВА күз темасына тартылган эмгектерин көрөрмандардын сынына коюшту. Жеңүүчүлөргө баалуу байгелер тапшырылды.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Сынактан кийин Маданият үйү комуз черткенди жана сүрөт тартканды үйрөтүү боюнча ийримдерди ачууну пландай баштады. Себеби бул демилге комуз черткенди, сүрөт тартканды үйрөнгүсү келген балдар өтө көп экенин көрсөттү. Бул балдарга колдоо керектиги белгилүү болду.

КӨРКТӨНДҮРҮҮ

# Айылда балдардын паркы

**Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Жаңы-Талап айылдык аймагы**
**Кенжебай БЕЙШЕНКУЛОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **1** |
| **Калктын саны** | **2 458** |
| **Жылдык бюджети** | **5 490,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Чоң шаарларда өскөн балдарга салыштырмалуу элеттик балдарда көңүл ачуу жана өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр көп эмес. Бирок ар бир ата-эне чүрпөсүнүн бала чагы бактылуу жана кызыктуу өтүшүн каалайт эмеспи. Жаңы-Талап айылынын тургундарынан түзүлгөн демилгелүү топ балдарга бош убактысын өткөрүү үчүн шарттарды жакшыртууну чечти. “Көп бириксе көл, көл толкуса сел болот” деген ураан алдында өткөн иш-чарага көптөгөн элеттиктер катышты. Демилгелүү топтун мүчөлөрү аксакалдардын, көп балалуу энелердин башын бириктирип, балдары кандай чаң, кир жерде, начар оюнчуктар менен ойноп жатышканын көрсөтүп беришти. Активисттер айылдагы ар бир үйгө баш багып, “бул демилгени эмне үчүн колдош керек?” деген суроого өз жүйөлөрүн келтирип, балдар үчүн эс алуу паркын уюштуруу зарыл экенине тургундарды ынандыра алышты. Парк ачылса балдарга активдүү эс алып, өнүгүү үчүн жакшы шарттар түзүлмөк. Жашоочулар балдар паркын ачуу идеясын колдоого алып, уюштуруучуларга кошулуп, парк үчүн каражат бөлүп берүү маселесин чечүүгө даярдыгын билдиришти.

### Эмнелер жасалды?

Албетте баары эле бул демилгени бир добуштан колдоп кеткен жери жок, балдар паркына каршы чыккандар да болду. Бирок көпчүлүк элеттиктер макулдугун берип, айылдагы бакубаттуу жашаган, акча бере ала турган адамдардын тизмеси түзүлүп, алардын ар бири менен сүйлөшүп чыгышты.

Ошону менен бирге Бишкекте жашап, иштеп жүргөн айылдыктар да унутта калган жок. Алар менен борбор калаада жолугушуп, анын соңунда марафон уюштуруу тууралуу чечим кабыл алынды. 1966-жылдан 1996-жылга чейин айылда төрөлгөндөр топ-топторго бөлүштүрүлүп, чакыруу барактары даярдалып, активисттер тандалып алынды. Марафонго айылдын дээрлик бардык тургундары катышып, колдон келген салымын кошушту. Айрымдары акча берсе, башкалары мал беришти.

Натыйжада марафондо накталай 300 миң сом жана нак эмес түрүндө 280 миң сом чогулду. Эл чо-

гулткан акчаны көзөмөлдөө үчүн эсеп комиссиясы түзүлдү. Мындан тышкары парктын курулушу толугу менен аягына чыкмайынча, акча каражаттары чогултула берээри, марафонго катыша албай калгандар мындан кийин деле бул ишке катыша алаары айтылды. Айылдын кулуну, учурда КТРКда журналист болуп иштеп жаткан Айжан ОМОЛДОШЕВА паркты жарыктандыруу боюнча бардык иштерди каржылоону өз мойнуна алды. Дагы бир кайдыгер эмес жашоочу Рахат НИЯЗАЛИЕВ паркта отургучтарды орнотуу милдетин алды. Дөөлөтбек БЕРИКБАЕВ 1000 доллар салым кошо турганын айтты. Натыйжада паркты уюштурууга элеттиктердин салымы 600-700 миң сомдун тегерегинде болду. Парктын курулушуна акчалай же башка жол менен жардам бере албай калган элеттиктер эмгек салымын кошууга даярдыгын билдиришти. Марафонго катышкан аялдар парктын курулушчуларына кезектешип ысык тамак жасап бермей болушту.

Демилгелүү топ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына кайрылып, балдар паркы кайсы жерде жайгашса болоорун сурады. Жергиликтүү бийлик жашоочулардын демилгесине түшүнүү менен мамиле жасап, айылдын борбордук бөлүгүндө 0,15 гектар муниципалдык жер бөлүп берди жана бул объектти документтештирүү жоопкерчилигин өзүнө алды.

Мына ошол учурдан баштап жергиликтүү элдин арасынан түрдүү объекттерди куруу тажрыйбасы бар курулушчулар тобу чогула баштады. Анын башында демилгелүү топтун мүчөсү Эрнис ӨМҮРГАЗИЕВ турду. Ошентип элеттиктердин колдоосу менен курулуш иштери башталды. 2018-жылдын күз мезгилинде курулуш иштери жарым-жартылай жыйынтыкталып калды. Элдин ишеними, аны менен кошо реалдуу жардам бергендердин саны да өсүүдө. Марафонго катышпай калган 1974-жылкы жигиттер паркты тосмолоо боюнча иштерди толугу менен өз мойнуна алышып, бардык материалдар сатып алынып, ширетүү иштери соңуна чыгып калды. Ушул жылдын октябрь айында парк колдонууга берилет деп күтүлүүдө. Марафон учурунда берген убадасына туруп, аялдар курулушчуларга кезектешип ысык тамак жасап жатышат.

Бул демилгенин ийгиликтүү ишке ашырылышы келечекте жаңы демилгеге – Жаштардын спорт комплексин курууга жол ачып жатат.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Парктын курулушу бүтө элек болсо да, айыл жашоочулары биринчи кезекте моралдык таасир алышты. Айталы, ЖӨБ органдары менен жергиликтүү элдин ортосунда ачык-айкын мамилелер түзүлүп, бул болсо өз ара пайдалуу жана жемиштүү иштерге өбөлгө болуп жатат. Бул – жергиликтүү бийлик менен элдин ортосундагы ишенимдүү жана ачык иштин үлгүсү. Жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө калк чогулуштарга жигердүү катышып келатат, маселелер элдин колдоосу менен чечилүүдө. Ошентип жашоочулардын да коомдук иштерге катышуу деңгээли өстү.

# Таштанды төгүлчү жердин ордуна эс алуу паркы

**Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак айылдык аймагы**
**Кымбат ЖУНУСОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **3** |
| **Калктын саны** | **5 693** |
| **Жылдык бюджети** | **10400,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Көйгөйлөр өтө көп болгонуна карабастан, элеттиктер дайыма эле активдүүлүгүн көрсөтө беришпейт, өз айылынын турмушуна көп жакшы катышпайт жана адатта “бул жергиликтүү бийликтин гана баш оорусу” деген турумду карманып келишет. Буга байланыштуу Миң-Булак айылынын кайдыгер эмес тургундары биригип, айыл көйгөйлөрүн чечүү үчүн чогуу иш алып барууну макулдашты. Ошентип 2016-жылы “Жарандар аракетте” деп аталган демилгелүү топ түзүлдү. Анын курамына 19 адам кирип, алардын басымдуу бөлүгүн – 68% – аялдар, 32% эркектер түздү. Топтун мүчөлөрүнүн жаш курагы 19дан 50гө чейин.

Демилгелүү топ өз ишин айыл тургундары арасында сурамжылоо жүргүзүүдөн баштады. Сурамжылоого 347 адам, анын ичинде 201 аял катышты. Респонденттердин жаш курагы 17-91 жаш болду. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, айылдыктарды төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдүн жоктугу жана төмөнкү көйгөйлөр тынчсыздандырары белгилүү болду: ветеринардык кызмат көрсөтүүлөр (малды кыркуу, купкага салуу, эмдөө); коомдук мончонун жоктугу; эс алуу паркынын, балдар аянтчасынын жоктугу; ирригациялык каналдарды, суу бөлүштүрүүчү курулмаларды тазалоо; трансфор-

маторлор үчүн тосмолорду куруу (электр тогуна урунуп, мал өлүүдө); көчөлөрдү жарыктандыруу; билим берүүчү борборду ачуу; машыгуулар үчүн зал ачуу. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн демилгелүү топ интенсивдүү түрдө жумушчу жолугушууларды өткөрүп жатты. Ошондой эле мүмкүнчүлүктөргө жана ресурстарга туруктуу анализ жасалып турду. Ошол эле маалда башкаруунун ыйгарым укуктуу органдарынын дарегине бир нече кат жиберилди. 2017-жылдын январь айында топтун мүчөлөрү айылдык аймактын бюджети боюнча коомдук угууларга жигердүү катышып, айылдын айрым көйгөйлөрүн чечүү үчүн акча бөлдүртүүгө жетишти. Бул окуя чындап тарыхый болуп калды. Себеби буга чейин жарандар мындай иш-чараларга катышчу эмес, бул кантип жана качан жасаларын билчү эмес.

### Эмнелер жасалды?

Жогоруда саналган маселелердин дээрлик жарымы чечилип калды. Муну тургундардын айыл көйгөйлөрүнө кайдыгер карабаганынын жана жергиликтүү бийлик органдары менен тыгыз кызматташуусунун жыйынтыгы десек болот.

Чечилген маселелердин бирине – мурда таштанды төгүлчү жерде эс алуу паркынын ачылышына кененирээк токтолсо болчудай.

Башка көптөгөн айылдардай эле Миң-Булак айылында да коомдук эс алуу парктар жана балдардын аянтчалары жок болчу. Ошондуктан 2017-жылы жергиликтүү эл арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө көптөр бул маселени көтөрүп чыгышкан. “Жарандар аракетте” демилгелүү тобунун лидерлеринин бири Кымбат ЖУНУСОВА айыл четинде мурда таштанды төгүлчү 20 сотик жерди эс алуу паркына айландырууну сунуштады. Көп жылдар бою бул жерге таштанды чогулуп, целлофан баштыктар жана желим бөтөлкөлөр өрттөлгөндө жагымсыз жыт айылды аралап кетчү.

Биринчи кезекте ресурстарды аныктап, жергиликтүү бийлик органдарына кайрылуу жолдонуп, алардын өкүлдөрүн өз планы менен тааныштырып чыгышты. Натыйжада бул маселе жергиликтүү кеңештин сессиясында каралып, зарыл болгон техника бөлүнүп берилди. Ошондой эле аймакты тосмолоого 110 миң сом бөлүндү. Андан кийин өз салымы катары демилгелүү топтун жана кайдыгер карабаган тургундардын күчү менен тосмону куруу боюнча жумуштар аткарылды. Долбоорду ишке ашыруу үчүн бир топ аракеттер жасалды. Түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнүн натыйжасында демилгелүү топ эл арасында колдоо тапты – 32 адам жардамга келди. Иштер толугу менен бүткөндө 534 адамдын эс алуусу үчүн шарттар түзүлмөкчү.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Долбоордун башкы жыйынтыгы – жергиликтүү тургундар жергиликтүү деңгээлдеги чечимдерди кабыл алууга таасир этүүгө жөндөмдүү болгонуна ынанышты. ЖӨБ органдарынын калк алдындагы жоопкерчилик жана ачык-айкындуулук деңгээли бир кыйла жогорулады. Жолугушуулар өткөрүлүп, жергиликтүү өз алдынча башкарууга кайрылуу каттар жолдонуп, бюджеттик угуулар уюштурулду. Жарандардын активдүүлүгү өсүп, демилгелүү топ өз ишине колдоо тапкандан кийин мурдагыдан да ишенимдүү иштей баштады. Себеби алардын аракеттери текке кетпей, ийгиликтүү жыйынтыкталбадыбы! Жарандарда демилгелүү топтун мүчөлөрүнө болгон сый-урмат жана ишеним артты. Ушундай эле иштерди тийиштүү план менен башка айылдарда да жасап чыгуу тууралуу чечим кабыл алынды. ЖӨБ органдарынын ролу ресурстар – техника, көчөттөр жана акча менен камсыздоо болду. Моюнга алыш керек, башында ЖӨБ органдары бул демилгеге көп ишенген эмес, алар кайрылуу каттарга жооп беришкен эмес эле. Демилгелүү топ – бул оппозиция эмес, элеттиктердин турмуш шартын жакшыртууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жардамчысы экенин түшүндүрүп бергенден кийин баары ордуна келди.

Иштин жыйынтыгына элеттиктер гана эмес, кошуна айылдын жашоочулары да абдан ыраазы болуп жатышат. Алар жасалган иштерди “мыкты” деп баалашты. “Азаматтар, таштандыны гүл бакчага айландыра алдыңар!” деп мактап жатышат кошуналар.

# Балдар үчүн аянтча

**Нарын облусунун Нарын районундагы Казан-Куйган айылдык аймагы**
**Гүлүм ИСАЕВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **1** |
| **Калктын саны** | **1 175** |
| **Жылдык бюджети** | **6001,1 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Казан-Куйган айылында 1200 адам жашайт, алардын ичинде 14 жашка толо элек балдардын



саны – 385. Айрым ата-энелер шарты туура келсе, балдарын Бишкектеги көңүл ачуучу борборлорго жана аттракциондорго алып барышат, башкалары Нарында эле көңүл ачуучу жана оюн аянтчаларын табууга аракет жасашат.

Айылда балдар чоң көчөлөрдө жана дарыянын жээгинде кароосуз ойноп жүрө беришет. Улуулар балдарга активдүү оюндар үчүн жагымдуу шарттар түзүлбөгөнүнө сарсанаа болуп жүрүшөт. Наристелер болсо мультфильм көрөт же Интернетти тиктеп отура беришет. Балдарда анда-санда гана айылдагы бала бакчанын селкинчегинде ойной алышат. Бирок ал бакчадагы селкинчектердин абалы да чеке жылытпайт. Айылда энелер балдарын ээрчитип алып сейилдеп жүрчү жер да жок. Мына ушундан улам айылдын жашоочулары бир добуштан балдар аянтчасынын курулушун айылдын эң көйгөйлүү, чукул арада чечилиши керек болгон маселеси катары аныктап алышты.



Ошентип “Жарандар аракетте” демилгелүү тобу түзүлүп, ага айыл тургундары кирди.

## Эмнелер жасалды?

Алгачкы кадамдар 2017-жылдын март айында жасалып, жыл ичинде төмөнкүлөр ишке ашты: артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо максатында жашоочулар арасында сурамжылоо жүргүзүлдү; калктын добуш берүүсү менен балдар аянтчасы үчүн жер участогу тандалып алынды; алдыда болчу курулуш тууралуу жамаатка маалымат берилди; каржылоо булактары табылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен маселе макулдашылды; жергиликтүү кеңештин чечими менен бөлүнүп берилген жер участогу документтештирилди; жумуштарды улантуу үчүн ар бир үй кожолуктан 200 сомдон чогултулду. 2018-жылдын март айында Нарын шаарына иш сапары менен КР Жогорку Кеңешинин төрагасы Дастан ЖУМАБЕКОВ жана бир катар депутаттар келген эле. Төрага менен жолугушуу маалында демилгелүү топ балдар аянтчасын курууга жардам сурап кайрылды.

КР ЖК депутаты Алмазбек БАТЫРБЕКОВ 200 000 сом көлөмүндө демөөрчүлүк жардам көрсөттү. Бул акча балдардын оюн жабдууларын сатып алууга сарпталды. Июнь айында демилгелүү топтун мүчөлөрү Бишкек шаарына барышып, темир жана жыгач материалдарды сатып алып келишти.

Бирок бул каражат жетпей калгандыктан демилгелүү топ жергиликтүү бюджеттен акча бөлүп берүүнү өтүнүп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылды. Айылдык аймак дотацияда турганын эсепке алганда көп суммага үмүт артуу да мүмкүн эмес болчу. Ошентсе да жергиликтүү кеңештин депутаттары балдар аянтчасын тосмолоо үчүн 100 миң сом бөлүп беришти.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Демилгелүү топ долбоор ийгиликтүү аяктайт дегенден күмөн санаган жок. Натыйжада жергиликтүү жамаат заманбап жабдылган балдар аянтчасына ээ болот; айыл тургундарында эс алуу маданияты пайда болот; ата-энелер менен балдардын ортосундагы эмоционалдык байланыш бекемдейт; айылдын көрүнүшү да оңолот.

Балдар аянтчасынын курулушу жаштарга “Жарандар аракетте” демилгелүү тобуна кошулууга шыктандырды. Бул топ сурамжылоо жүргүзүп, элеттеги көйгөйлөрдү аныктап чыгып, башка дагы актуалдуу маселелерди чечүү жолдорун айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңештин депутаттары менен талкуулады. Мисалы, паркты уюштуруу, өмүргө коркунуч жараткан трансформаторлорду тосмолоо жана жарык берчү устундарды тургузуу маселелери талкууланды.

Сейил бакка айылдагы кадырлуу адамдын ысымы ыйгарылды. Бул аксакалдын урпактары паркты көрктөндүрүү милдетин өздөрүнө алышты. Парктын аймагын тосмолоп чыккандан кийин айыл өкмөтү көчөттөрдү сатып алды. Келечекте сейил бак элеттиктердин көңүлүн ача турган жайга айланат.

Топ айылдын аймагындагы өмүр үчүн коркунуч жараткан ачык турган трансформаторлорду тосмолоого да катышты. Буга байланыштуу "Чыгышэлектр" ишканасына кайрылуу кат жолдонуп, ишкананын жооптуу кызматкерлери менен жолугушуу өтүп, элеттиктердин коопсуздугу үчүн бул чукул чаралар көрүлүшү керектиги түшүндүрүлдү. Натыйжада жаңы устун орнотулуп, өзгөчө кооптуу деп эсептелинген бир трансформатордун тегерек чети тосмолонду.

Бир көчөгө жарык берүү үчүн "фандрайзинг" усулу колдонулду. Адегенде көчөнүн аталышын, кимдин ысымы ыйгарылганын билип, андан соң анын жакындарына жарык өткөрүп берүү өтүнүчү менен кайрылышканда алар макул болушту.

Жумуштарды баштаар алдында демилгелүү топ санга эмес, сапатка көңүл бурат деген шарт койду. Демөөрчүлөр 3000 сомго эки көчө чырагын сатып алганда, бул жетишсиз экени, башка дагы демөөрчүлөрдү издеш керектиги белгилүү болду. Ошентип дагы беш чырак сатып берген демөөрчү табылды. Мындан башка дагы жардам берем дегендер чыкты. Ошентип 24 000 сомго сапаттуу жана энергияны үнөмдөгөн сегиз чырак орнотулду.

Чогулуштардын биринде айылдагы жарыктандырууну калыбына келтирүү иштерин уланта берүү тууралуу чечим кабыл алынып, активисттер бул максатка жергиликтүү бюджеттен 30 000 сом бөлдүртүп алышты. Натыйжада айылга дагы 20 чырак сатып алынып, жаңы электр өткөрүүчү линиялар орнотулду. Бул иште демилгелүү топ айыл өкмөтүнүн кызматкерлери менен тыгыз кызматташты. Жергиликтүү бийлик менен элдин биргелешкен иш-аракеттеринин натыйжасында караңгы киргенде айыл жарык болуп, адамдар коркпой суу ташып калышты. Эл жасалган иштерди айтып бүтө албай жатат. Жарыктандырууну калыбына келтирүүдө демилгелүү топтун лидери Кубан БАБАЕВ чоң салым кошуп, Марат ИСАЕВ өзгөчө жигердүү катышты.



Эл менен жергиликтүү бийликтин ортосундагы өз ара мунаса табуу, көйгөйлөрдү чечүүгө тургундарды тартуу, элдин жамааттык ишмердик механизмин бекемдөө – чоң жетишкендик. Ишке ашырылган долбоорлор адамдарга пайда алып келди. Демилгелүү топтун долбоорлоруна барган сайын көбүрөөк адамдар кошула баштады.

ЖӨБ органдарынын эл алдында ачыктыгы күчөдү, жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө алардын жоопкерчилиги жогорулады. Эл өзү актуалдуу көйгөйлөрдү чечүү максатында демилге көтөрүп жаткандан кийин жергиликтүү бийлик да четте карап турган жок. Демилгелүү топ жергиликтүү бюджетти талкуулоого жана кабыл алууга жигердүү катышты.



Бул долбоорлорго чейин жергиликтүү бийлик менен калктын ортосунда ишеним жок болчу. Жарандар "жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз камын гана ойлойт" деп шектенсе, бийлик "эмне гана кылбайлы, баары бир жарандар ыраазы болбойт" деген ишенимде болчу. Биргелешкен иштер мына ушундай ишенбестикти жана шектенүүлөрдү жоюуга жардам берди.

Ишке ашырылган долбоорлор резонанс жаратып, демилгелүү топтун тажрыйбасы оуздон оозго өтүп, кошуна айылдардын активисттери кызыгып, маалымат менен бөлүшүүнү өтүнүп жатышты. Натыйжада кошуна айылдарда да демилгелүү топтор пайда болду. Демилгелүү топ жасаган иш-чаралар тууралуу маалыматтар "Фейсбуктагы" баракчаларда таратылды. М

# Жаш үй-бүлөлөр үчүн таза суу

**Нарын облусунун Жумгал районундагы Байзак айылдык аймагы**
**НАСЫБАЛЫ уулу Каныбек**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **1** |
| **Калктын саны** | **6 166** |
| **Жылдык бюджети** | **13 132,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Бүлөлү айылдык аймагы тоо боюнда жайгаш Байзак айылдык аймагынын Таш-Арык участогунда 65 үй кожолук жайгашкан. Бул жерде 165 адам жашайт жана алар таза сууга жетпей азап чегип келишет. Басымдуу бөлүгүн жаш үй-бүлөлөр түзөт жана алардын балдары да кичинекей. Мындан улам көйгөй өтө курч турат, себеби турмуш тиричиликте гана ыңгайсыздык жаратпастан, ошону менен бирге балдардын саламаттыгына да коркунуч келүүдө.

Байзак айыл өкмөтүндө калкты таза суу менен камсыз кылуу планы бар. Бул көйгөй жергиликтүү тургундардын кайрылууларынын негизинде артыкчылыктуу катары аныкталган.

### Эмнелер жасалды?

Таш-Арык участогунда демилгелүү топ ЖӨБ органдары менен биргеликте жергиликтүү эл менен жолугушууларды өткөрдү. Ошондой эле бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр да жүрдү. Жергиликтүү кеңештин депутаттары менен курулуш иштеринин бир бөлүгүн каржылоо үчүн каражат бөлүп берүү маселеси чечилди.



Бул демилгени ишке ашыруу үчүн жалпы жонунан 75 адам тартылды. Таш-Арык участогу айылдын жаңы конушу болуп эсептелинет. Ал конушта негизинен жаш үй-бүлөлөр жашайт. Алардын үй-бүлөлүк бюджети чектелүү болгондуктан бул нерсе да долбоорду ишке ашырып жатканда эсепке алынды.

Таш-Арык участогун таза суу менен камсыз кылуу үчүн жалпысынан 657 миң сом сарпталды. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 300 миң сомдон тышкары, донордук каражаттар да тартылды. ПРООНдун Дүйнөлүк Азык-түлүк программасы 192 миң сомго ун жана май берди. Бул азык-түлүктөр долбоордун алкагында жер иштери үчүн акы катары 19 социалдык жактан аярлуу адамга берилди. Бул адамдар айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адисинин жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын катышуусу менен тандалып алынган. Мындан тышкары Таш-Арык участогунун жашоочуларынын акчалай салымынын арты менен узундугу 3 км жердин алдынан жалпы суммасы 165 миң сом болгон пластиктен түтүктөр өткөрүлдү.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Таш-Арык участогунда чуңкур казылып, суу түтүк трубалары төшөлдү. Учурда таза суу берилип жатат. Суу берүүчү колонкалар орнотулгандан кийин иштер толугу менен жыйынтыкталат деп айтса болот. Бул үчүн кошумча каржылоо булактары изделип жатат. Ошондой эле бул колонкаларды сапаттуу жабдуу да зарыл болуп турат.

Жумуштарды жасап жаткан маалда ачык-айкындуулук камсыздалып, бардык иштер тууралуу калкка толук маалымат берилгени маанилүү жыйынтык болуп саналат. Жумуштар башталганга чейин бул аймактагы жашоочулар менен чогулуштар өткөрүлдү. Ал эми жумуштарды жасап жатканда процесске мониторинг жүргүзүлдү. Анын соңунда жашоочуларга отчет берилип, бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы ачыктыгын камсыздап, жарандардын жергиликтүү бийлик органдарына болгон ишенимин жогорулатты.

Демилгелерди ишке ашыруу маалында сууну керектөөчүлөрдүн саны өстү. Абоненттердин саны өссө, жеткирүүчү – ТСКАКБнын да кирешеси көбөймөкчү.

Сууну бере баштагандан кийин жергиликтүү



маанидеги маселелерди чечүүгө элдин катышуусу да күч алганы байкалды. Аны менен катар, көчөлөргө жарык берүүнү, көпүрөлөрдү куруп берүүнү өтүнгөн адамдардын да саны өстү. Калкты таза суу менен камсыз кылуу көпчүлүк ЖӨБ органдары үчүн артыкчылыктуу маселе болгондуктан, демилгеге карата реакция да активдүү болду. Айталы, долбоор кантип ишке ашырылып жатканына кызыгып, социалдык тармактарга чыгаруу үчүн материал сурап кайрылгандар да көбөйдү. Долбоор тууралуу видеобаянды Нарын телерадиокомпаниясы "Аймактардын турмушу" аттуу берүүдө көрсөттү. Ал эми жергиликтүү администрация долбоор тууралуу маалыматты "Фейсбуктагы" баракчасына жайгаштырды.

Нургүл ЭШЕНОВА: "Бул көйгөй Таш-Арык участогуна адамдар отурукташа баштаганда эле чыгып, дээрлик он жыл бою чечилбей келген. Биз таза сууну жай-кыш дебей жарым километр аралыктан ташып келчүбүз. Эми суу үйдүн жанынан чыгып, түйшүгүбүз жеңилдей түштү".

Нурбек КУДАЙБЕРГЕНОВ: "Биз бул маселе тууралуу беш жылдан бери эле айтып келатабыз. Көйгөй актуалдуу деп таанылганы менен, долбоорду каржылай баштоо үчүн добушубуз жетишсиз болчу. Эми таза суу келип, Таш-Арык участогунда жашоо бир кыйла оңолуп калды".

# Кол-Чаты айылынын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу

**Ош облусунун Алай районундагы Бүлөлү айылдык аймагы**
**Акбермет ТОКТОСУНОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **4** |
| **Калктын саны** | **2043** |
| **Жылдык бюджети** | **38373,4 миң сом** |

## Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Бүлөлү айылдык аймагы тоо боюнда жайгашкан. Климаты суук, кышы узак жана оор болот. Аба ырайына байланыштуу жазгы талаа иштери да кеч башталат, ал эми айыл чарба продукциясы аз өлчөмдө гана сатып алынат. Аймактын жалпы аянты 20435 км2 түзөт жана деңиз деңгээлинен 2050 метр бийиктикте жайгашкан.

Кол-Чаты айылында 62 кожолук же 275 киши жашайт. Айыл тургундары дарыянын суусун колдонуп келишет. Жазында жаан-чачындан улам суунун деңгээли көтөрүлүп, суу булганып, ичүүгө жараксыз абалга келет жана дарыядан суу ташыган балдардын коопсуздугуна да коркунуч жаралат. Кышында дарыянын жээктери тоңуп, сууну алып чыгуу оор болуп калат. Ошол эле маалда айыл төмөн жакта жайгашкандыктан, жогорку айылдардагы мал сууну булгап, дарыя таштандыга толуп, мунун айынан жугуштуу оорулар да чыккан учурлар бар. Айыл өкмөтүндө акчанын жоктугунан улам бул көйгөй жылдан жылга чечилбей келди. Бул маселени жергиликтүү элдин күчү менен чечүү үчүн демилгени айылдык лидерлер колдоого алышты (Б. АРТЫКОВ ж.б.).


## Эмнелер жасалды?

Жергиликтүү жашоочулар менен биргеликте чогулуш өткөрүлүп, анда ар бир үй-бүлөдөн 1000 сомдон чогултулуп, ашар жолу менен тийиштүү жумуштар жасалды. Айылдагы лидерлердин арасынан атайын топ түзүлүп, 62 үй кожолуктан 62 000 сом чогултулду. Долоно-Булак участогунан айылга чейин ашар жолу менен узундугу 4,2 км болгон чуңкур казылып, акча каражаттарын каржылоонун (смета) эсеби жүргүзүлдү. Айыл өкмөтү зарыл бол-

гон курулуш материалдарын (полиэтилен трубаларын, цементти, цемент шакекчелерин ж.б.) сатып алуу үчүн кошумча каржылоону табуу милдетин өзүнө алды. Райондук миграция жана жумуштуулук борбору менен биргеликте айыл өкмөтү коомдук иштерди каржылоо боюнча долбоорду даярдап чыкты. Натыйжада 43 000 сом алынып, бул акча курулуш материалдарын сатып алууга жумшалды. Ошондой эле ар бир үй кожолук ашарда иштеген элеттиктерге кезектешип ысык тамак жасап турушту (62 үй кожолук азык-түлүк түрүндө болжол менен 37 000 сом сарптады).

### Жыйынтыгы кандай болду?

Бул демилгенин натыйжасында 62 үй кожолук таза суу менен туруктуу камсыз болду. Социалдык объекттердин жана турак үйлөрдүн санитардык-гигиеналык абалы оңолду. Балдар арасында жугуштуу ооруларын жуктуруп алгандардын саны азайды. Дарыядан суу алып жатып кулап кетет деген коркунуч да жоголду. Демилгенин натыйжасында үй-бүлө мүчөлөрү убактысын үнөмдөп калышты. Бир адам туруктуу иш менен камсыздалды. Үйлөрдүн тегерегиндеги чарбактар иштетилип, түшүмдүүлүк да жогорулады.



# Көпүрөнүн ремонту айылдар ортосундагы коопсуздукту жана байланышты күчөттү

**Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Жар айылдык аймагы**
**Чолпонай ЖУСУПОВА, Орозали ИСАКОВ**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **6** |
| **Калктын саны** | **20 350** |
| **Жылдык бюджети** | **22 706,3 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Көк-Жар айылдык аймагы дотацияда турган айылдардын катарына кирет. Бул жерде чечилбей



келаткан көйгөйлөр өтө көп. Аларды чечүү жолдорун издеп, жашоочулар ар бир айылда демилгелүү топторду түзүш керек деген тыянакка келишти. Бул топтордун башында эң жигердүү адамдар турмай болду.

Ошентип Жийде айылында 11 адамдан турган демилгелүү топ түзүлдү. Айылдын көйгөйлөрүн талдап чыгып, аларды элеттиктердин талкуусуна коюу тууралуу чечим кабыл алынды. Демилгелүү топтун лидери болуп Абдымитал ТАГАЕВ тандалып алынды.

Айылдын жалпы чогулушунда актуалдуу көйгөйлөр аныкталып, жалпы иш үчүн ким, канча салым кошо алаары талкууланды. Акчалай салым кошо албагандар, кара күч менен жардам бериши керек эле. Эң көйгөйлүү маселе катары көпүрөнүн абалы аныкталды. Бул көпүрө совет доорунда эле курулуп, сел көп жүрчү. Өрөөндүн жогору тарабында жайгашкан конуштун тургундары дарыядан жанын оозуна тиштеп алып өтүп жүрүштү. Ал эми суу кирген маалда байланыш такыр эле үзүлүп калчу.

## Эмнелер жасалды?

Абдымитал ТАГАЕВ башында турган демилгелүү топ көпүрөнүн ремонту үчүн донор издеп жүрүп, долбоор жазды. Натыйжада бул долбоор АРИСтин “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү долбоору” деп аталган конкурсунда жеңүүчү деп табылды. Көпүрөнүн ремонтуна жалпы жонунан 1 167 000 сом сарпталды. Долбоордун шарты боюнча долбоордун наркынын 5% же 58 350 сом жергиликтүү бюджеттен каржыланып, 25% же 291 750 сом жергиликтүү элдин эмгек салымы катары кошулушу керек болчу. Жайыт колдонуучуларынын бирикмеси 178 456 сомду, ал эми демөөрчүлөр 175 050 сомду бөлүп беришти. АРИС тарабынан долбоорду каржылоого 463 394 сом бөлүндү.

Айылдын жалпы чогулушунда элдик демилгени ишке ашыруу тажрыйбасы, 2017-жылдан бери жасалган иштер жана алдыдагы пландар тууралуу маалымат берилди. Бул демилгени Жийде айылынын тургундары көтөрүп чыгышкан эле. Алардын катарында жеке ишкерлер, айылдык кеңештин депутаттары жана “Жийде-Булак” бала бакчасынын директору Ч.ЖУСУПОВА бар.

Көпүрөнүн туурасы 6 метр, узундугу 38 метр болду. Ал эми жүк көтөрүмдүүлүгү 35 тоннаны түздү.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Бул көйгөйдүн чечилиши Жийде айылынын тургундары, өзгөчө жаңы конуштардын жашоочулары жана алардын балдары үчүн чоң пайда алып келди. Себеби эми балдар көпүрөдөн эч коркпой, мектепке, бала бакчага кечикпей барып калышты. Мындан тышкары айыл тургундары үчүн жайытка жетүү үчүн шарттар да түзүлдү. Мурда суу кирген маалда жайытка жетүү мүмкүн эмес болчу. Эң маанилүү жыйынтык – адамдар жалпынын кызыкчылыгы үчүн биригишти.

Улам кийинки демилгени ишке ашырган сайын жаңы идеяга кошулган адамдардын да катары калыңдай баштады. Мааракелерди, тойлорду өткөргөндүн ордуна, ошол акчаны жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө жумшаган адамдар да чыкты.

ЖӨБ органдарынын ишиндеги ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик жогорку деңгээлге көтөрүлдү. Демилгени жашоочулар өздөрү көтөрүп чыккандыктан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу да четте карап тура албай, мүмкүнчүлүгүнө жараша акча бөлө баштады.

Баштапкы этабында жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын ролу чабал болчу. Эл айыл өкмөтүндө көйгөйлөрдү чече алгыдай мүмкүнчүлүгү бар болгонуна ишенчү эмес. Бирок бир нече долбоорлорду ишке ашыргандан кийин эл арасында айыл өкмөттүн аброю да бир кыйла көтөрүлдү.

ЖӨБ органдарынын жергиликтүү тургундардын демилгелерине реакциясы жакшы болду. Себеби айыл өкмөттүн күчү жана каражаты менен гана маселелерди чечүү мүмкүн эмес эле. Мына ушул жерде элеттиктердин колдоосу абдан зарыл болду.

Орозали ИСАКОВ, Жийде айылынын тургуну, жергиликтүү кеңештин депутаты: “Мен бул көпүрөдөн көп эле өтүп калдым, өтө кооптуу болчу, көпүрө качан кулап кетет деп корко берчүмүн. Өзгөчө кыш мезгилинде суу тонгон маалда кырдаал өтө коркунучтуу болчу”.

Жыпаргүл ОСМОНОВА, Жийде айылынын тургуну, пенсионер: “Бул көйгөй бизди азапка салып келди. Улуу баламдын үйү тиги жээкте турат. Суу кирген маалда апталап байланыша албай калчубуз. Балдар мектепке жана бала бакчага бара албай калчу. Келиним райондогу ооруканада медайым болуп иштейт. Көпүрөнүн айынан жумушка кечиккен күндөрү көп болду. Эми баары жакшы болот”.



# Көпүрө жайлоого жол ачты

Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Ак-Тал айылдык аймагы
КАБЫЛБЕК уулу Марлис

| | |
|---|---|
| Айылдардын саны | 1 |
| Калктын саны | 1 334 |
| Жылдык бюджети | 4 368,2 миң сом |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Мазар, Сары-Ой, Секи-Булак, Өрдөш жайлоолоруна жетүү үчүн 5 км сай аралап суу кечип барабыз.

2016-2017-жылдары кар калың түшүп, жаз келгени кар эрип 5 км сай аралаган жолдорубузду суулар жеп кетип, ички жайлоого жана дыйкандардын үлүш жерине барганга мүмкүнчүлүк болбой калды. Жаз алды менен дыйкандар өздөрүнүн үлүш жерлерине барып айдоолорун тырмап, сугарышып, ирээтке келтирүү маалында каттам үзүлүп техникалар жете албай калды. Мындан сырткары карапайым калк жаздоолорго көчө албай айыл үчүн өтө көйгөйлүү маселе жаралды.

Ак-Тал айылынын тургундары үчүн алгылыктуу шарттарды түзүп берүү зарыл болду. Мындан тышкары айыл өкмөтү дотацияда тургандыктан, жергиликтүү элдин көйгөйүн чечип берүү үчүн калктын өзүнүн каражатын тартуу керек болчу.

## Эмнелер жасалды?

Бул маселени чечүү үчүн жашоочулар өздөрү демилгелүү топ түзүүнү чечишти. Бул демилгелүү топ суу жеп кеткен Көтөрмө-Арык участогундагы жолго барып, абал менен жеринде таанышты. Демилгелүү топ ал жерге кете турган чыгымдын баарын дыкат эсептеп чыкты. Активисттер айыл өкмөтү менен чогуу эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жолду оңдогонго кетчү чыгымдарды санап берди. Ошентип демилгелүү топ акча чогултуп, көпүрөнүн курулушуна киришти. Айыл өкмөтү дагы четте карап турбастан 200 литр күйүүчү майды бөлүп берди. Жалпысынан бул көпүрөнү салганга 100 000 сом акча жумшалды. Натыйжада туурасы узундугу 8 метр, туурасы 4 метр болгон көпүрө курулду. Бул көпүрөдөн машине да, адам да өтө алат.

## Жыйынтыгы кандай болду?

Бул демилгени ишке ашыргандан кийин эл өз маселесин өзү эле чече алат деген ишеним пайда болду. Ошол эле маалда ЖӨБ органы да мүмкүнчүлүгүнө жараша финансылык жана материалдык жардам көрсөтүп турду.

Ишке ашырылган демилгеде башкы жыйынтык – жергиликтүү көйгөйлөрдү элдин, жалпы жамааттын күчү менен биргелешип чечүү. Ошентип эл өз маселелерин өзүнүн күчү менен, кеңешип, акылдашып чечүүсү үчүн өбөлгөлөр жаралды.

Арстанбек НАРМАТОВ, Ак-Тал айылынын тургуну, Өрдөш жайлоосунда жер үлүшү бар дыйкан: “Бул көйгөй көптөн бери эле бизге терс таасирин тийгизип келаткан. Катуу жаан жааганда жана суу киргенде жолдор жарактан чыгып, ремонтту талап кылчу. Ар бир жолу таштардан көпүрө жасап чыгаар элек. Көпүрө курулгандан кийин бул маселе чечилди. Эми нөшөрлөгөн жамгырдан кийин таш издөө, тыгылып калган машине үчүн техниканы жалдап келүү деген баш оорудан арылдык”.

Адылбек МААКЕЕВ, Ак-Тал айылынын тургуну,



айдоочу: "Жыл сайын Өрдөш өрөөнүндөгү үлүш жерлерден дыйкандардын чөптөрүн тартып келебиз. Көтөрмө-Арык участогуна жеткенде жолдор начар болгондуктан чөптөрүбүз ооп кетип, жерге түшүп калган учурлар көп эле болду. Жерде калган чөптү машинеге жүктөп, бир топ эле убара болдук. Бул көпүрө курулгандан кийин жол жүрүү бир кыйла жеңил болуп калды. Убакытты үнөмдөп, көздөгөн жерибизге тез эле жетип калдык. Бул демилгени ишке ашыргандардын баарына ыраазычылыгымды билдирем". Бозугул АКМАКАЗИЕВ, Ак-Тал айылынын тургуну, чабан: "Мен он жылдан бери чабан болуп элге кызмат көрсөтүп келатам. Биз бул жолдон анда-санда гана өтүп жүрчүбүз. Жол начар абалда болгондуктан 100 км айланма жол менен жайлоого көчүп барчубуз. Быйыл ушул жол менен жайлоого көчүп бардым. Бул жаңы салынган көпүрө убактымды үнөмдөдү, экинчиден, акча да аз кетти, көздөгөн жерибизге да тез эле жетип алдык".

# Жашоочулар жолдун ремонту үчүн акчаны республикалык бюджеттен табышты

**Нарын облусунун Ат-Башы районундагы**
**Баш-Кайыңды айылдык аймагы**
**Элнура БАЙМАТОВА**

| | |
|---|---|
| **Айылдардын саны** | **2** |
| **Калктын саны** | **5 894** |
| **Жылдык бюджети** | **8 817,0 миң сом** |

### Элеттиктерди эмне түйшөлттү?

Баш-Кайыңды айылындагы борбордук көчөдө эзелтеден бери ремонт иштери жасалган эмес. Буга жергиликтүү бюджеттеги каражаттын жетишсиздиги себеп болду. Анткени айылдык аймак дотацияда турат. Жашоочулар үчүн шагыл төгүлгөн жолдон машинени айдап өтүү азап болчу. Жолдогу чуңкурлар жашоочулардын машинесин талкалап, аны ремонттогонго оңбогондой акча кетчү. Жол начар болгондуктан көчөдө чаң сапырылып, мектепке жана бала бакчага бараткан балдар ошол чаңды жутуп жетчү.

Айылдагы жолдор начар болгондуктан Ат-Башынын район борборуна транспорт да көп каттачу эмес. Бул маселени айыл тургундары ЖӨБ органдары жана райондук мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү менен жолугушууда көп эле жолу көтөрүп келишти. Эң активдүү тургундар депутаттар менен биргеликте райондук мамлекеттик администрацияга кайрылууларды да жазып жүрүштү. Себеби бул маселени жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечүү мүмкүн эмес эле. Бирок бир нече жыл бою маселени чечүүнүн жолдору табылбай келди.

### Эмнелер жасалды?

Ошентсе да элеттиктер көздөгөн максатына жетүүнү чечишти. Жергиликтүү кеңештин депутаттары менен биригип, алар борбордук көчөнүн ремонтуна республикалык бюджеттен 12 миллион сом бөлдүртүп алышты. Акыры Баш-Кайыңды айылындагы узундугу эки километр болгон борбордук көчөгө асфальт төшөлдү. Бирок жол ушунчалык маанилүү болгондуктан адамдар өз салымын да кошууну чечишти. Алар ишембилик уюштуруп, жолдун тегерек четин тазалап турушту. Ошондой эле тургундар жол куруучулардын эмгегине аяр мамиле жасап, асфальт кургаганча жолду колдонбой, түнкүсүн жол курган атайын техниканы кайтарып жатышты.

### Жыйынтыгы кандай болду?

Жолго асфальт төшөлгөндөн кийин ары-бери каттаган элеттиктер жыргап эле калышты. Шаркыратмага жана Богошту эс алуу жайына, өтө кооз жерлерди көрүүгө келген туристтердин саны да көбөйдү.

Бул ийгиликтүү тажрыйба элеттиктерди шыктандырып, өз күчүнө болгон ишеним артып, жашоо шартты жакшыртуу мүмкүн экенине көздөрү жетти. Алар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө мурдагыдан да жигердүү тартыла баштаышты. Мисалы, тургундар көчөлөрдү көрктөндүрүү иштерин колго алып, айлана-чөйрөгө, жаңы жолго аяр мамиле жасап, таштандыларды жыйнап калышты. Эми ар жума сайына ишембиликтер өтүп турат. Жогорку класстын окуучулары жана жергиликтүү тургундар суу түтүк трубаларын жана аллеяны жалбырактардан жана башка таштандыдан тазалап келишет.